# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №4 (302) | 30.04.2024. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru

*Баш сөз*

# БАЙСАЛДУУ САПАР





Эсенбай НУРУШЕВ

**ЭРОС ДЕГЕН ЭМНЕ?**

4-БЕТ



Төлөгөн КОЗУБЕКОВ

**БҮГҮН КЫРГЫЗСТАНДА ЖАШОО КИМДЕРГЕ ЖЫРГАЛ?**

5-БЕТ



Бектурали ИСАМИДИН уулу

**АЙТПАСА КИМ БИЛЕТ, ЖАСАБАСА КИМ КӨРӨТ...?**

12-БЕТ

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА **779** СОМ **34** ТЫЙЫН

# Садыр Жапаров Бишкектин тургундарын шаар күнү менен куттуктады



**Урматтуу шаар тургундары жана меймандары!**

Сиздерди жалпы Кыргызстан элинин биримдигинин символун туюндуруп, эркиндигибиздин энчиси, бакубат турмушубуздун белгиси болуп келген сүйүктүү Бишкек шаарыбыздын күнү менен чын дилимден куттуктаймын!

Азыркы шаар аймагында байыркы заманда эле адамдар отурукташканын, кийин Улуу Жибек жолунда бул аймактын маани-маңызы артканын, деле бул географиялык аймакта белгилүү окуялар баймабай болуп келгенине тарых күбө. Ага далил – байыркы Жүл (Джуль) шаары. Биздин замандын V-VI кылымдарына таандык Жүл шаар калдыктарынын ордуна археологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү, калыбына келтирүү боюнча иш-аракеттер быйыл да улантылууга тийиш. Андан сырткары, тарыхый-маданий жайларды коргоо, сактоо боюнча иш-чаралар колго алынат.

Бүгүнкү күндө Бишкек – Эгемен Кыргызстандын борбору өлкөбүздүн саясий, экономикалык, илимий жана маданий очогуна айланды. Чокусун ак мөңгү баскан улуу тоолордун этегинде жайгашкан борбор калаабызда Кыргызстан калкынын 20 пайызынан ашык эли жашайт.

Азыркы учурда борбор шаарыбыз өлкөнүн экономикалык, транспорттук, илимий жана маданий борбору катары жаңы рынок шартында, өзгөрүүлөрдүн толкунунда өз жолун ийгиликтүү улап баратат. Административдик-аймактык реформанын натыйжасында шаарыбыздын аянты кеңейип, калкынын саны дагы артат. Бул иш-чаралар биздин алдыбызга жаңы милдеттерди коёт.

Ошентип баш калаабыз ар тараптан жаңылануунун башатында. Биз буга чейин Бишкектин архитектуралык келбетин, инфратүзүмүн жакшыртууга кадам таштаганбыз. Адегенде эле келген меймандардын көңүлүн буруучу жолдорубузду, тротуарларыбызды оңдоп-түзөөнү колго алдык. Бара-бара чоң-чоң имараттардын көрүнүшүнө көңүл буруудабыз. Мындан сырткары, заманбап инфратүзүмдүк объектилердин, соода жана тейлөө чөйрөсүндөгү имараттардын курулушу кулачын жаюуда.

Урматтуу шаардыктар, сиздер менен биргелешкен аракетибиздин аркасында сүйүктүү Бишкек шаарыбызды келген конок суктана турган, жашоого жайлуу, күнөстүү калаага айландыра аларыбызга бекем ишенем!

**Ардактуу мекендештер!**

Сиздерди дагы бир жолу баш калаабыздын күнү менен куттуктайм.

Бүтүндөй Кыргызстандын жүзү болгон Бишкекти баарыбыз сүйө билели жана сыйлай билели.

Бишкек баатырдын ысымын алып жүргөн борбор шаарыбыз ар бир кыргызстандыктын сыймыгына айлансын!

# Улуттук комиссиянын төрагасы Астана шаарында




2024-жылдын 18-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы М.Мураталиев Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын аксакалдар жана чыгармачыл интеллигенциясынын тегерек стол ишине катышты. Маанилүү жыйынга Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек Касмамбетов жана кыргыз делегациясы, ошондой эле Казакстандын мамлекеттик кеңешчиси Ерлан Карин, маданият жана маалымат вице-министри Ербол Аликулов, коомдук жана маданий ишмерлер, ошондой эле мамлекеттик органдардын жетекчилери катышты. Иш-чара Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун Астана шаарына (Казакстан Республикасына) расмий сапарынын алкагында өттү.

# ЖОЖдор аралык республикалык сынак

2024-жылдын 17-апрелинде И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде “Мамлекеттик тилди окутуунун заманбап методдору” аталышындагы ЖОЖдор аралык республикалык сынактын расмий ачылышы болуп өттү. Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын орун басары Жылдыз Орозобекова, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин окуу иштери боюнча проректору, профессор Курманбек уулу Талантбек, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун жетекчиси Аркарбек Мамытов, Мамлекеттик тил жана маданият институтунун директору, профессор Самат Жумалиев, ошондой эле калыстар тобунун өкүлдөрү жана студенттер катышты.

«Мамлекеттик тилди күнүмдүк турмушта гана колдонуп койбостон, жаштардын көз карашы менен жайылтуу ыкмасы бул абдан туура жана жыйынтыктуу. Тилибизди ар тараптан колдоого алып, ушундай саамалыкты өткөрүүгө салым кошкон ар бириңиздерге ыраазычылык билдирүү менен катар республикалык сынактын катышуучуларына ийгилик каалайм», - деди Улуттук комиссиянын төрагасынын орун басары Жылдыз Орозобекова.



# Тил комиссиясынын кызматкерлерине сыйлыктар тапшырылды

Жогорку Кеңештин аппаратынын жетекчиси Алайбек Алымбаев КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясына Жогорку Кеңештин төрагасынын фондунан алынган заманбап лед-экранды тапшырды. Иш-чарада Жогорку Кеңештин Аппаратынын жетекчиси мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп, конституциялык макамга ээ мыйзам кабыл алынганын белгилеп, "бул Төрага Нурланбек Шакиев баштаган депутаттардын мамлекеттик тилге жасаган өзгөчө мамилеси" деп билдирди. Ошондой эле мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө кошкон зор салымы, жигердүү коомдук ишмердүгү үчүн Мамлекеттик тил комиссиясынын жана «Кыргызтесттин» жетекчилигине, кызматкерлерине Жогорку Кеңештин Ардак грамоталары жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 85 жыл» юбилейлик медалы тапшырылды. «Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиевдин атынан комиссиянын жаңы дайындалган төрагасы Мелис Мураталиевге ийгиликтерди каалап, мындан аркы ишинде жетишкендиктер арбын болсун деген тилегимди билдирем», - деди А. Алымбаев.



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (302)
30 04 2024
kyrgyztili@mail.ru

Замирбек БАЗАРБЕКОВ,
Жогорку Соттун Төрагасы:

# “Тил болбосо биз кайдан улут болмок элек”



***– Замирбек мырза, сизге кайрылып жатканыбыздын себеби, Жогорку Кеңештин сессиясында болобу, дегеле жыйындарда эне тилде так сүйлөйсүз, мамлекеттик тилдин өсүп, өнүгүшүнө күйөрман экениңизди билебиз. Бирок да, азыркы өзүңүздүн жетекчилигиңиздеги сот тармагында кыргыз тили начар колдонулуп келгени чындык. Быртыр мамлекет тил боюнча Конституциялык мыйзам кабыл алынды. Эмки абал кандай?***

– Ооба, кыргыз тили биздин эне тилибиз, Конституциялык мыйзам кабыл алгандан бери өзүбүздүн тармактагы кесиптештериме кыргыз тилинде иш алып барууну талап кылып атам. Себеби, мыйзамдын талабы дал ошондой. Кабыл алган мыйзам биз үчүн милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш. Улуттук сыймыгыбыз бул – тил! Тил болбосо биз кайдан улут болмок элек. Мен ушул тил маселесине көп көңүл бурам. Маселен, былтыр Финляндиядагы эл аралык конференцияда кыргызча сүйлөдүм. Кыргызча сүйлөсөм, котормочу жок экен. Кыргыз тилинде эл аралык деңгээлде котормочу таппай, Өзбекстандын котормочусу жардам берген эле. Ошол жыйында жүздөн ашуун мамлекеттин өкүлдөрүнүн арасында кыргызча сүйлөсөм, алар абдан кызыгып, “силердин тил абдан уккулуктуу экен, сөзүңүздү англисчеге которуп берди, чынында эле уккулуктуу экен, чын дилибиз менен угуп отурдук” дегенде абдан кубанып, сыймыктандым. Ал эми мага чет өлкөлөрдөн кишилер келип калганда “пазвольте мне выступать на кыргызком, на родном языке, на языке Манас!” деп айтып, эне тилимде сөзүмдү улайм. Сотторго жыйындарды кыргыз тилинде өткөрүүнү милдеттендирип жатабыз. Албетте, кемчиликтер көп жылдар топтолуп калганын моюнга алабыз. Азыр орус дейин десең, орусча да даана сүйлөй алышпагандар бар. Же кыргызча так эмес, аларды көргөндө зээним кейип кетет. Биз кыргыз тилинде нукура сүйлөгөндү үйрөнүшүбүз керек. Кудай буюрса, келечекке карай өз тилибизде өнүгөбүз деп ойлойм.

> Мага чет өлкөлөрдөн кишилер келип калганда “пазвольте мне выступать на кыргызком, на родном языке, на языке Манас” деп айтып, эне тилимде сөзүмдү улайм"

***– Жакшы экен... Өлкө жетекчилигинин жана бүтүндөй мамлекеттин саясаты улуттук наркнасил, тил маданияты экендигин ар дайым эстен чыгарбоо зарыл. Бул мамлекеттик кызматкерлерге же жетекчилерге гана эмес ар бир өлкө жаранына тийешелүү милдет жана жоопкерчилик го. Маселен, сиздерде мамлекеттик тилди колдонуунун пайыздык көрсөткүчү кандай болду экен?***

– Сот системасында азыр кыргыз тили иш кагаздарында токсон пайыздан ашык колдонулат. Бизде орус тилдүү кесиптештер да бар. Алар кыргыз тилинен абдан кыйналышат. Мен аларга кыргыз тилин үйрөнүүгө дайыма чакырык жасайм. Өзүңүз билесиз, Президентибиздин демилгеси менен кадрларды ротациялоожер котортуп иштетүү боюнча мамлекеттик чоң саясат болду. Бул сот тармагына да жакшы натыйжасын берип жатат. Бир кесиптешибиз кыргыз жигитке турмушка чыгып, кыргызча сүйлөгөнгө аракет кылып калыптыр. Башка улуттагы кесиптештерибиз кыргызча түшүнгөнү менен сүйлөгөндөн жана жазуудан кыйналып атышат. “Киргиз” деген түшүнүк да бар. Мына ошолорго басым жасап, жоопкерчилигин эскертип, кыргызча сүйлөп, иш жүргүзгөнгө жардам берип жатабыз. Биз тилибиздин нукуралыгына, тазалыгына көңүл бурушубуз абзел.

Албетте, орус тили дүйнөлүк деңгээлдеги ири тил, биз аны да унутпашыбыз керек. Биз сүйлөгөндө башка тилди аралаштырбай адабий тилде сүйлөгөнгө аракет кылышыбыз керек.

**Аңгемелешкен**
**Дүйшөн КЕРИМОВ**

# Башыбыздагы ширини качан чечебиз?

**Гүлзада СТАНАЛИЕВА**

Эки күн мурун жагымсыз да, кейиштүү да окуяга туш болдум.

Жождорду аккредитациялаган көз карандысыз аккредитациялоо агенттиги менен эксперт катары иштешкенге бекитилгем. Борбор калаадагы бир университетти аккредитациялоого бармакпыз.

Агенттик алдын ала вотсаптан топ түзүп, эксперттерге тиешелүү документтерди жиберип, текшерүү ишинин жол-жобосу менен бизди эксперттерди тааныштыра баштады.

Документтердин баары вотсаптан бизге расмий тилде жиберилди. Кошумча маалыматтарды да орус тилинде гана айтып, жазып жатышты. Болбосо эксперттердин баары кыргыздар. Мен агенттиктен документтерди кыргыз тилинде да жибериишин сурап, группага жаздым. Алар документтер орус тилинде гана бар деп жооп беришти. Мен бул жоопко "Өкүнүчтүү" деп жазсам, агенттиктин жетекчиси жеке өзүмө дароо кайрылды. Ал мага: "Эгер сизге орус тилинде иштөө ыңгайсыз болсо, анда сиздин ордуңузга башка экспертти алалы. Себеби бардык документтер орус тилинде, эксперт отчетту да орус тилинде даярдап бериши керек", -деди.

Агенттик "кыргызчасын жакында даярдайбыз, азырынча жетишпей калдык же болбосо сизге иш учурунда оозеки которуп беребиз, отчетту кыргызча жаза берсеңиз болот" дегенге жараган жок.

Маселени чечүү үчүн экспертти алмаштырып, мамлекеттик тилде иштегиси келбегени - биринчиден, мыйзамга туура келбейт, экинчиден, тилди сыйлабагандык.

Мен аргасыз орус тилинде отчет жазып, мага жүктөлгөн ишти бүтүрүп бердим. Бирок, орус тилинде өткөн жыйналышта отчетумду кыргызча айтып бердим.

– Эмнеге биз тилибизди ушинтип жерий беребиз?

– Эмнеге улуттук, жарандык аңсезимибиздин ойгонушу кыйын болуп жатат?

– Эмнеге тилибиз үчүн аракеттенип, ашыкча жумуш жасап түйшөлүп койгубуз келбейт?

– Бул көйгөй эгемен өлкөбүздө дагы канчага чейин уланат?

– Кыргыздар, биз, өзүбүз деги качан ойгонобуз?

– Башыбыздагы ширини деги качан чечебиз?..



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4
(302)

30
04
2024

kyrgyztili@mail.ru

# Эрос деген эмне?

## “Айтматология: “Жамийла” жана улуттук эрос” аттуу китептен.



Эсенбай **НУРУШЕВ**

Атактуу немец психиатры Карл Леонгард (Karl Leonhard) өткөн кылымда дүйнөлүк адабияттагы отузга чукул жазуучулардын классикалык чыгармаларындагы каармандардын мүнөзүн талдап чыгып, алардын психологиялык бешене-бейнесин түзгөн экен. (Карл Леонгард. Акцентуированные личности. 1976).

Ошол монографиядагы аныктамаларга салсак, биздин Жамийла менен Данияр мүнөзү жагынан эки башка типтеги кейипкерлерге кирет: биринчиси – ачык-айрым, тайманбас, тамашакөй, кабак-кашым дебеген, өзгөлөргө жемин жедирбеген, тыкчыңдаган келин. Ушундан улам Жамийланы белгилүү өлчөмдө гипертимдүү (өтө активдүү) мүнөздөгү каармандарга кошсок болот.

Данияр болсо түнт, адамга анча ыгы жок, жалгыз-жабык жүргөндү жактырган, атүгүл шалкы бош – дистимдүү (абдан пассивдүү) кейипкерлерге жакын турат.

Мүнөзү жагынан минтип кескин айрымаланган ургаачы-эркек адатта жуп боло албайт, бирин-бири сүйө албайт дешет. Реалдуу турмушта ар ким өзүнө окшош өнөк тапканга умтулат, кыялында билинбей жашаган белгилүү бир идеалга төп келген адамга ышкысы артылат.

Андай болсо “Жамийлада” мүнөзү жагынан эки уюлдай типтеги адамга - антиподдорго кирген биздин каармандар кантип бирин-бири жактырып калышты? Эмне үчүн алардын сүйүүсү дүйнөдөгү эң улуу махабат деп таанылды? Деги алар баарын кечип салгыдай, баарына кайыл болгудай бир-биринен кандай касиет табышты?

Мунун себеби Эросто. Бирок "Эрос" деген өзү эмне? Көпчүлүк түшүнүп жүргөндөй, ал - эротикабы, же Фрейд айткан либидо – жыныс кумарыбы?

Гесиоддун (б.з.ч VIII-VII кк.) дүйнө кантип башталганы тууралуу уламыштарында – “Теогония” поэмасында - биринчи болуп Хаос, андан соң "Эрос" пайда болгону айтылат. Ошолордон соң гана Космос (ирет, тартип, көркөмдүк), Логос (сөз, акыл, аң-сезим) жана башкалар жаралат.

Башкача айтканда, жер бетиндеги болмуштун өзү Эростон барпаа болот, ал адегенде Хаосту, андан соң Космосту, акырында Логосту тартипке келтирип, ыраатка салат, ошентип баарын бириктирет.

Ушундан улам болсо керек, Платондун “Пир” сукбатында (диалогунда) Сократ Эросту “эң улуу кудай” деп жарыялайт, анткени ал жарык дүйнөдөгү бардык чачыранды бөлүктөрдү бир болмушка бириктирип, аларга жашоо жана өмүр берип турат, ансыз дүйнө быркырап, быт-чыт болуп кетмек.

Кийинчерээк Платондо дагы бир Эрос аталат. Ал Афродитанын уулу, аны кичи "Эрос" же "Эрот" деп коюшкан. Ошол идеяны азыр философтор «эротософия» дешет, карапайым түшүнүктө жөн гана секс делинет.

“Пир” сукбатында бешинчи болуп Аристофанга сөз тиет. Беркилердей ал да өз уламышын айтат, ага ылайык, дүйнөнүн башталышында эркек менен аялдын денеси бир бүтүн тулкудан турган экен, анын төрт колу, ошончо эле буту, жумуру башында бири артын, бири алдын караган эки бети, төрт көзү жана төрт кулагы, эки жыныс болуптур. Аристофан муну андрогин деп атайт (грекче: andro –эркек, gyne -аял).

Андрогиндер титаниддердей эле ашкере сулуу жана күчтүү болот, ошонусуна эрдемсип, кудайларды кулатып, алардын ордун тартып алмакчы болушат. Алардын козголоңунан кооптонуп, Зевс андрогиндерди кылыч менен тең экиге бөлө чаап, бирин эркек, экинчисин аял кылып таштайт. Ошондон тартып адам баласы өзүнүн экинчи жарымын издеп, таппай келет имиш.

Булардын баарын жалпылап, Платон “биздин ар бирибиз –экиге бөлүнүп калган бир адамдын жартысыбыз, ошондуктан ар бир адам тажал өз жарымын издейт” деп ырастайт. Тапкандары өтө сейрек болот, аларга Эрос жардам берет. Ошону үчүн Эросту кишилер сүйүү дешет. (Платон. Собрание сочинений в 4-х тт.Т.2. Пир. Речь Аристофана. М.Мысль.1993).

“Жамийладан” дал ушул Эросту көрүүгө болот.

Каармандар бир-бирине арзуусун айткан жамгырлуу түндө Жамийла минтип шыбырайт:

“...Мен сени бүгүн эмес, кечээ эмес, сыртыңдан билгенде, бала болуп эс тарткандан бери сүйөм... Мына эми сен да мени издеп келдиң!... “

Данияр да минтет: “...Мен дагы сени алда качан сүйгөм, өмүрүмдө көрбөсөм да, окопто жатып сени ойлогом! Көрсө, менин сүйгөнүм туулган жеримде тура! Көрсө, ал сен экенсиң, Жамийлам, кызыл гүлүм!”

Эми байкап, баам салып көрүңүз: экөө эзели бирин-бири көрбөсө, атүгүл бу жарык дүйнөдө бир-биринин бар экенин ныпым билбесе, анан кайдан жүрүп эс тарткандан баштап бирин-бири сүйүп калат?

Карандай акылга салып аңгарганда, реалдуу турмушта мындай болушу мүмкүн эмес дейсиз, буга ишенбейсиз. Бирок карабайсызбы, жаралганда эле бирге бинаа болгонсуп, бирин-бири эзелтен эле билгенсип, бирин-бири сабылып күтүп жүргөнсүп Жамийла: “Мына эми сен да мени издеп келдиң!- деп атпайбы. Мындай туюм аларга кайдан, кантип келди?





Эмнеси болсо да бу эпизод андрогиндер жөнүндөгү мифти билген адамга дароо эле ошол уламышты эстетет. Айтмакчы, ал жалаң гректер ойлоп тапкан миф эмес. Мындай түшүнүк көп маданияттарда, айталы, индуизмде, буддизмде, “Упанишад” трактаттарында, төрт миң жыл мурдагы египет мифологиясында кезигет. “Сүйүү – бир бүтүндүктү эңсөө, ошого умтулуу”,- деген Платондун ой-жорумун бир да маданият четке кага албайт.

Күнчыгыш уламыштарында айтылгандай, кудай ылайдан адегенде эркекти, анан ага арнап бир аялды жууруп: “Мен силерди түгөй кылып жараттым, тиги ыпылас дүйнөгө барганда бир-бириңди таап алсаңар, бактылуу жашайсыңар, а кокус табыша албай калсаңар, анда өз шоруңарды өзүңөрдөн көргүлө”, -деп айткан имиш.

Кыргыз деле эросту ушундай мааниде түшүнгөн. Керденге бүткөн, жараткан өзү атаа кылган теңин издөө, түгөйүн табуу түшүнүгү кыргыз болмушунда алмустактан бери жашаган. Болгондо да бу феноменди биздин эл өтө сейрек кезиккен, ар кимдин эле ыкыбалына туш келе бербеген шыбага катары баалаган.

Биздеги бир катар ашыктык дастандары улуттук эростун бийик үлгүсүн көрсөткөн көркөм фактыларга кирет. Элдин маданияты маалында арзуунун мындай түрүн “агапе”, башкача айтканда, кудайдан бүткөн сүйүү деп эсептешкен экен. Кыргыздын арзуу ырларындагы “жан теңим”, “жан биргем”, “жанымдын жартысы” сыяктуу айтымдар ушул мааниде колдонулган метафоралар эмеспи.

Расул Гамзатовдун бир сөзүн эстесек, Ромео менен Жулетта ар бир авар кыштагында болгон экен, бир гана Шекспир болбоптур. Бу сөз биздин кыргызга да жарашат десек болгудай. Бир айрымасы – бизде драматургдар болбогону менен агапени ыр түрүндө Шекспирден кем калбаган деңгээлде улуттук көркөм аң-сезимдин формасында чагылдырган акындар болгон.

Ошолордун таланты аркасында биздин улуттук агапебиз кала берсе өмүрдөн өйдө турган махабат статусуна жеткирилген. Маселен, Кишимжанды алсак, Олжобай экөө качып чыгып, жарым жолго жеткенде артынан Кудаке баштаган куугун келип, ынтыгын өлтүрүп койот, ошондо ал “жээнимден кантип калам деп, жеңине каткан бычагын алып, өзүн жүрөккө сайып” жан кыят.

Аксаткын болсо агалары өлтүрүп, көң дөбөгө көмүп койгон Кулмырзанын (Мырза уул деп да айтылат) кунун өзү бычат. “Айыбың алтымыш, куну жүз, досум, аягың чоро, башың кыз досум. Кыз ордуна өзүбүз, досум, болбосун жалган сөзүбүз, досум. Кулмырза өлсө куп болот, досум, Аксаткын өлсө жуп болот, досум”, - деп өзүнө канжар урат.

Элдик делинген ушул эки дастандын сюжети Шекспирдин атактуу трагедиясынан эчтемесинен кем калбайт, алтургай кудайдан буйруган сүйүү – агапе – биздин эки дастанда деле Овидийдин (б.з.ч. 43-17-жж.) “Метаморфозаларындагы” вавилиондук Пирам менен Фисбанын (Pyramus and Thisbe) махабат икаясынан башталган дүйнөлүк уламыштардагы сюжеттердин аңыты менен өнүгөт: алардын баарында арзышкан эки жаштын кошулушуна биринчи кезекте тууган-уруктары каршы болот, алардын каршылыгын жеңүү үчүн күрөш эки ынтыктын өлүмү менен бүтөт. Бу бир жагы.

Экинчи жагы - ошол эле Пирам менен Фисбанын окуясы Шекспирге чейин ондогон варианттарда поэма, кара сөз түрүндө жазылган. Ал пост-Ренессанс доорунда айрыкча живописте кеңири популярдуу болгон. (Мифы народов мира. 1991. Т.2. с. 313). Биздеги сүйүү дастандарынын да ар кандай версиялары менен варианттары бар. Айрымдар аларды кара сөз түрүндө айтышкан, күүгө салып, комуз менен коштоп ырдашкан.

Ошол эле учурда биздин дастандарды бир беткей түрдө дүйнөлүк “көчкүн сюжеттерге” (кочующие сюжеты) алпбарып кошуш, ошолордун таасири менен түшүндүрүш кыйын сыяктанат. Эмнеге дегенде кыргыз дастанчылары менен акындары Овидий турсун Шекспирди деле эгерим угуп-билген эмес. Анда мындай окшоштуктар кайдан жаралган?

Маселе кайра эле Эросто. Гачев айткандай, ал ыйык Урухтай (Духтай) бардык жерде жолугат, ар бир элдин, улуттун өз Эросу болот, бирок анын мааниси менен маңызы, көрүнүштөрү жалпысынан окшош келет.

Анан калса бу болмуш өзү жалпы адамзат үчүн бирөө эле, анткени дүйнөнүн өзү бирөө. Нус (noys – ум, акыл) деле бир, болгону көбү өздөрүнүн өзгөчө акыл-эси бар сымактанып жашайт (Гераклит). Анткени болмушта ар бир эл өзүнчө тажрыйбага ээ болот, аны ар башка ыкмада кабылдайт жана анын чындыктарын өз алдынча ачат. Муну бүгүн улуттук өзгөчөлүк дешет.

Биздин кыргыз да бу болмуштун чындыктарын, анын ичинде өмүрдөн жогору турган, кудайдан буйруган сезим – улуу махабат болорун өз тажрыйбасында көрүп билген жана сүйүү дастандары ошол тажрыйбадан жаралган.

Бир сөз менен айтканда, биздин улуттук Эрос маданий мааниде алганда ошол эле дүйнөлүк Эростун составдуу бир бөлүгүн түзөт жана аны өзүнүн өзгөчөлүктөрү менен байытып, толуктап турат.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫКА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (302)

30 04 2024

kyrgyztili@mail.ru

# БҮГҮН КЫРГЫЗСТАНДА ЖАШОО КИМДЕРГЕ ЖЫРГАЛ?





**Төлөгөн КОЗУБЕКОВ,**
**Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер**

Урматтуу Окурман! XIX-кылымда жашап өткөн Россиянын белгилүү акыны Н. А. Некрасовдун "Орусияда кимге жашоо жакшы?" ("Кому на Руси жить хорошо") деген чыгармасы бар экенин жакшы билесиздер. Ал чыгармада автор мужуктардан чыккан жети каармандарын бүткүл Россиянын губернияларын кыдыртып, кайсы жерде, кимдерге жашоо жакшы экенин сурамжылатат го. Аягында, издеген чындыгынын акырына чыгуу үчүн борбор шаар Санкт-Петербургга бет алып келатышкан жеринен автор чыгармасынын аягына чыкпай калат эмеспи. Чын эле автор максатынын чындыгын борбор шаар Петербургдан табат беле, ай, ким билет…

…Айтор, аталган чыгарманы окуп отурганымда, оюма "Бүгүн Кыргызстанда жашоо кимдерге жыргал?" деген собол өзүнөн өзү кылт этип жатпайбы. Анан, менин ойт берген ой чабытым, өз өлкөмдүн ой-кырына сүйрөп кетти. Орус классигинин жолуна салып каармандарга жооп издетип баш катырбай, айылайыл кыдыртып азап тарттырбай, борборубуз Бишкектин казанында кайнап көрөйүнчү деп чечтим. Балким, ушул жерден эле соболдун жообу табылып калаар... Алгачында, азыркы арабыздагы олигарх аталышкан жүздөгөн байларыбыз (алардын ысымдары шаарларда да, айыл-кыштактарда да жалпы журтка белгилүү) асмандан түшүштүбү, алар бул байлыктарын кайдан табышты? Кантип табышты?- деген суроолорго жооп издеп көрбөйлүбү? Бизди кызыктырган табышмактын бир учу ушул жакта катылып жатпасын?..

Эми отуз жыл мурунку эгемендик тарыхыбыздагы алгачкы жылдарга кайрылалы, биринчи жолу "Кыргыз Республикасындагы турак-жай фондун менчиктештирүү жөнүндө" 1991-жылдын 20-декабрында №681-XII номурлуу мыйзамы жарык көрдү. Аны менен катар ири завод-фабрикаларды майдалап, кичи ишканаларга, колхоз-совхоздорду майдалап майда чарба-фермерлерге айландыруу түйшүгү башталды. Андан кийин 2002-жылдын 2-мартында №31 "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жөнүндө" мыйзамы жарык көрүп, ага дагы алты жолу кошумча-толуктоолор киргизилди. Республикабыздагы совет доорунда топтолгон байлыкты чыныгы таламай мына ушул мыйзамдардын негизинде башталды. Натыйжада, мыйзамды жазгандар да, ага жардамдашкандар да (жалпысынан мыйзам чыгаруучу депутаттар менен ошол учурдагы атка минерлерди айтып жатам, ал мыйзамдарда менчиктештирүүгө киргизилчү мамлекеттик мүлктөрдү аныктоочулар, алардын сатыктык баасын чыгарчулар да ошолор болушкан, азыркы чириген байларыбыз да ошолор эмеспи) мамлекеттин колундагы майталкандуу жерлерди энчилеп алышты, карапайым эл как талаада калышты. Себеби, көпчүлүк эл ал мыйзамдар туурасында толук кабардар болушкан да, маани-маңысына сүңгүп киришкен да эмес. Айтор, бүгүн Кыргызстанда биринчи жашоосу жыргалдар, ошол учурдагы борбордогу да, жер-жерлердеги да бийлик төбөлдөрү менен ошондогу Жогорку Кеңештин депутаттары экени жалганбы?!

Экинчи – жашоосу жыргалдарга партиялардын жетекчилерин кошсо туура болчудай. Анткени, улутубуздун жандүйнөсүнө төп келбеген, кыргыздын кылымдарды карыткан каада-салтын, наркнасилин, жашоо шартын коңулга түртүп коюп, батыштын партиялык тутумун киргизип алышып – ак көңүл, ишенчээк элибизди – каалагандай калчашты. Америкалыктардай, европалыктардай жашайбыз дешти – ага ишендик, эки-үч жылда Швейцария болобуз дешти – буга ишендик, араб эмираттындай, дубайдай болобуз дешет – ага деле ишенип келатабыз. Бирок, отуз жылдан бери ушул эл эңсеген жакшы жашоонун караанды али жакындабайт го?..

Андан кийин, Парламентибизди партиялардан шайлап алсак жыргайбыз дедик эле, балакеттин баары ушул жерден башталбадыбы. Ушундан кийин мурда бекинмек ойноп жүргөн коррупциянын тамырына суу жайылып биротоло гүлдөөгө бет алды десек болот. Кантип?! Анын жолун оңой эле табышты, партиялык тизме дегенди чыгарышты, ал тизмеге киргизүүнү, андагы орундарды бөлүштүрүүнү партиянын жетекчилери өз колдоруна алышты, ар бир орунга баа коюлуп, ал орундардын баалары ченелди, акчалуулар алдыңкы орундарга агылып жөнөлдү, ошентип байытыштуу ар бир партиялык төбөлдү… Жержерлердеги аткаруу бийлигинин жетекчи орундарынан – жөнөкөйлөрүнө чейин партиялар өз ара бөлүшүп алышпадыбы. Ошонун эсебинен да байышпадыбы, аны эч ким аный дебес… Анысы аз келгенсип, партиялык талап-тартипти билбеген, өз партияларын начарлап баратса – башка бийликтин партиясы дегенге секире качууну үйрөткөндөр да ушулар болушту го. Азыр ар кайсы партиянын башын аттап үч-төрт жолудан секирген "чемпион-спортсмен" депутаттарды четинен тапса болот. Анан ушуларга эл ишенсе болобу?..

Менимче, үчүнчү – орунда бийлик менен чырмалышып кеткен кылмыштуу топтор турабы деймин. Алар жалаң эле ишкердик менен алектенишкендерди кысымга алып каражат өндүрүшпөстөн, айрым бийлик бутактарын да каалагандай калчап, а түгүл, бийлик бутактарында да илешип жүргөндөй сезилет. Себеби, алардын ээн үйдүн эрке баласындай өз билгендерин жасап тайрандап жүрүшкөнү же кармалды деген кабар чыгып, кайра бир-эки күндөн кийин ээн-эркин жүрүшү ошондой ойлорду жаратып келбеди беле.

Төртүнчү – орундагы жыргал жашоодогуларга курулуш мафиясын кошсо туура болчудай. Булардын бийлик бутактары, каржы булактары, уюшкан кылмыштуу топтор, шаардык-айылдык архитектура кызматкерлери менен да байланыштары күчтүү көрүнөт. Каалаган жерди колдоруна алышып, каалагандарындай имарат тургузуу мүмкүнчүлүктөрү чоң, себеби, ушул убакка чейин булар менен акыйнек айтышып оң тыянак чыкканын уга элекмин.

Бешинчи – орунда кызматтык мүмкүнчүлүктөрүн кыянаттык менен өзүнүн жеке кызыкчылыктары үчүн пайдаланган бийлик төбөлдөрү (албетте, баары эмес) өздөрү турушту го деймин. Антткени, бийликтин колунда олигархтарды да, партиялардын жетекчилерин да, кылмыштуу топторду да тизгиндей турган чоң күч бар да. Бирок, алиге чейин ал кубаттуу күчтү эл кызыкчылыгына эмес, өз кызыкчылыгы үчүн колдонуп келишкенине эл өзү күбө болуп келишти го. Бажы тармагы, сот тутумдары, медицина, билим берүү жааттары, коомдук тартипти сактоо, кен байлыктарын пайдалануу тармактарын башкаруудагы коррупциялык көрүнүштөр жалпы калкка жашыруун болбой калган. Коррупциянын уюктары ушул тармактарда гүлдөп-өнүгүп жатканы, ал кызматтарда – башка жактын жарандары эмес – биздин эле аткаруу бийлигинин төбөлдөрү, алардын жакындары, туугантуушкандары отурары жашыруунбу? А түгүл, отуз жылдан бери республикабызды башкаргышкан мурунку Президенттердин абалдары да буга кашкайган далил эмеспи!..

Анысы аз келгенсип Парламенттеги партиялардын баары эле Жогорку Кеңештеги депутаттык орундарды бизнеске айлантып алышканы жашыруун эмес да. А түгүл, кайсы бир депутаттын (Бешсарынын ээси болсо керек эле): "Мен депутатмын, менин балам да, кызым да депутат болот" деп айтканын окурмандар али унутуша элек болуу керек. Мына, биздин партиялардын, депутаттарыбыздын анык жүзү, иштеген иши. Чын эле азыркы Жогорку Кеңештин, шаардык, жергиликтүү кеңештердеги орундардын көбү азыркы олигарх делинген депутаттардын уулкыздары, жакындары экени кашкайган чындык да... Алар элибизге сиңирген кайсы эмгектеринин арты менен жапжаш бойдон Жогорку Кеңеште депутат болуп отурушат десең? Акча, анан акчага сатылган партиялык тизме да! Ушул жол менен кете берсек аягы кандай болоору чо-оң бүдөмүк...

Мына, кымбаттуу окурмандар! Бүгүн, Кыргызстанда жыргап жашап жаткандар жогоруда аталгандар деген тыянакка келдим. Силер кандай дейсиздер? Кана, чогуу ойлонуп көрөлү, балким, башка да кошумча-алымчалар чыгып калаар...

Мен, 2020-жылдан кийин жаңы келген бийликке ишеним артып, Жараткан жар болсо, жакшы жашоонун жарыгы беш-алты жылдар ичинде көрүнүп калаг го деп ҮМҮТ кылам. Ага жаңы келген бийликтин бир топ алгылыктуу алгачкы кадамдары түрткү болуп турат.

Мисалы:- биринчиден – азыр, Элдик шайлоо менен бийликке келген жаңы Президентибиз Садыр Нургожоевич Жапаровдун (ГКНБнын башчысы К.Ташиевдин да) алгачкы иш-аракеттери биздин оюубузга дал келгендей туюлат, жогоруда аты аталбаган төбөлдөрдүн бир топторун кустуруп баштабадыбы. "Кумтөр" боюнча да чечкиндүү кадамдарды башташып, элдин энчисине кайрыды. Бул иштерди жаңы бийликтин алдыны көздөгөн алгачкы иш-аракеттери деп туралы. Терең ойлонулуп, жакшы башталган аракеттердин саясый оюнга айлантпай, жалпы элдин ой-пикирлерин эске алуу менен натыйжалуу улантса алгылыктуу жемишин берээриңде күмөн жок.

Экинчиден – жаңы бийликтин коррупция, кылмыштуу топтор менен күрөшүүдөгү, чек ара (тоорук) маселесин чечүүдөгү жана жерибиздеги кен байлыктарды иштетүүдөгү (айрыкча "Кумтөр" маселесин чечүүдөгү) аракеттери да үмүт отун жандырып турат. Суу байлыктарын башкарууда да пайдалуу жолубузду табышыбыз керек, Токтогул плотинасын, Киров плотинасын, Головнойдогу, Орто-Токойдогу ж. б. суу бөлүштүрүүчү жайларды тейлөөдөгү кеткен чыгымдарды да кошуна өлкөлөр алган сууларынын көлөмүнө жараша биргелешип кошо төлөөлөрү максатка ылайык. Пайдасын алар көрүп, аларды тейлөөгө кеткен чыгымдардын биздин мойнубузга жүктөлүп калышы калыстык болбойт...

Үчүнчүдөн – жеке менин өзүмдү кубандырган нерсе, бул жаңы Президентибиздин кыргыздын нукура улуттук дөөлөттөрүн алга сүрөмөлөп баштаганы болду. Бул пикирин Президентибиз ушул багыттагы атайын Жарлыгын чыгаруу менен да бекемдеди. Менин баамымда, бул эң туура кадам. Өзүн сыйлай албаган эл – өзгөнүн сыйына татыбайт! Көптөгөн жылдардан бери өзүбүздү таанибай – өзгөлөрдүн дөөлөттөрүн туу тутуп келгенибиз эч кимге жашыруун эмес. Ал ишибизден тапкан олжобуз – көрүнгөндүн көчүн аңдыган ЭЭРЧИМЕЛИК болду. Ээрчимелик эч качан алдыга чыгарбайт. Өз улуттук жолун таба албаган адашкан айланкөчөк элге айлантып коёт!..

Дагы бир төртүнчү кубанарлык көрүнүш – Баш мыйзамыбызга киргизилген Курултай институту менен Мамлекеттик катчы кызматы болду. Муну Улуу Кыргыз жолуна багыт алган чечкиндүү кадам деп эсептейм. Элибиз көптөн бери ушул маселени көтөрүп келсе да, Парламентти менчиктеп алышкан капчыктуу партиялар жол тосуп өткөрбөй келишпеди беле.

Анын үстүнө, өткөн отуз жылдык эгемен мезгилде мамлекетибиз өздүк өнүгүү багытын (идеологиясын) таба алган жок. Алиге чейин ар кайсы тарапты карап элеңдеп, кайсы мамлекеттин жолуна түшсөм болоор экен деп баш оорутуп келатабыз. Эми ушул чоң көйгөй Мамлекеттик катчынын мойнуна жүктөлдү. Улуттук нарк-насилди туура түшүнгөн, келечекти кенен баамдай алган, азыркы чалкеш заманда өнүгүүнүн элдибиздин өзүнө тийешелүү жолун көрө билген тажрыйбалуу, билимдүү инсан С. Касмамбетовдун ушул кызматты аркалап калгандыгы, улутубуздун улуу жолуна багыт алабыз деген чоң ишенимди жаратып турат.

Бешинчиден – алгылыктуу көрүнүш катары чыгармачылык биримдиктерге, маданиятка, спорт иштерине, элдик чыгармачылыктарга, дегеле бардык социалдык тармактарга карата көрүлгөн камкордуктарды атаар элем. Алардын иштөө шарттарынын жакшырышы, бюджеттен мүмкүн болушунча атайын каражаттардын бөлүнүшү, айлык маяналарынын көбөйүшү – аталган тармакта иштегендердин келечекке болгон үмүттөрүн жандырып жаткандыктарын танууга болбойт.

Алтынчыдан – үмүт жандырган көрүнүш катары жакынкы-алыскы кошуна мамлекеттер менен болгон жылуу мамилелерди атаса болчудай. Ушул багытта да чыныгы кошуналык мамилелердин жаңы нукка түшүп жанданып келатканы ынандырып турат.

Менин бөлүшөйүн деген кыскача ойлорум ушулар. Айтор, азыр өз алдынча мамлекет катары өнүгүүнүн өзүбүзгө гана тийешелүү жолубузга ык алып баратабыз деген үмүтүм чоң. Ал ИШЕНИМДИ – Жаңы бийликтин элибиздин эртеңки келечеги үчүн жүргүзүп жаткан туруктуу күрөшү жаратып жатат. Балким, Жараткан жар болуп, жаңы бийликтин бардык жакшы иштерине кошколдоп көмөк кылсак, кемчилигин кечиктирбей ондоп турсак – коомубуз бай-кедейге бөлүнбөй, "Кыргызстанда жашоо кимдерге жыргал?" дегендей суроо жолдо калып, беш-алты жылдар ичинде эле "Кыргызстанда жашоо бардык жарандар үчүн жыргал" деген тыянак элибиз үчүн жаңылык болбой калаар! Ылайым эле ошондой болсунчу!!!



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (302)
30 04 2024
kyrgyztili@mail.ru

# АРСТАНБЕК

(1824 - 1884)
(Биринчи макала)



Садык АЛАХАН

Ырчылар поэзиясынын залкар өкүлдөрүнүн бири болуп Арстанбек Буйлаш уулу эсептелинери бүгүн баарыбызга айдан ачык болуп калды. Өткөн тотолитардык бийликтин жылдарында улуу төкмө, акылгөй ырчы, залкар комузчунун көркөм мурасы да унутта калынып, калың элдин терең катмарында гана сүймөнчүк менен жашап келди. Ушундан уламбы, улуу ырчынын өмүр таржымалы тууралуу да ар кандай ачакей пикирлер айтылып келет. Ал эми мындай ар кыл ой пикирлер көпчүлүк окурмандар арасында, айрыкча студент жаштар арасында, улуу ырчынын өмүр баянын окуп үйрөнүүдө бир топ кыйынчылыктарды пайда кылып, ар кандай түшүнбөстүктөргө алып келген учурлар да жок эмес. Мына ошондуктан биз Арстанбек ырчынын өмүр-тагдырына тикеден-тике тиешеси бар өмүр баяндык маселесине бир аз токтолуп туруп андан соң козголуп жаткан кебибиздеги негизги маселеге өтүүнү эп көрүп турабыз. Анда эмесе алгач сөз учугу улуу төкмөнүн өмүр баянына байланыштуу ар кандай ачакей пикирлердин башын ачып алуу жагдайында болсун.

Залкар ырчы жөнүндө кыргыз тарыхын билгичтик менен изилдөөгө алган тарыхчы, таланттуу акын Белек Солтонкелди уулу Сотоноев «Кызыл кыргыз тарыхы» деген фундаменталдуу эмгегинде: “Буйлаштын кичи (токол) катынынан 1840-жылы Эки Нарындын ортосунда Арстанбек туулган”, – деп (1. 153-б.) жазса, таланттуу адабиятчы Тазабек Саманчин: “Бойлоштун мына ушул Төрөкан аттуу токол зайыбынан 1824-жылы Арстанбек төрөлөт”, – деп (2. 150-б.) белгилейт. Ушуга улай эле белгилүү окумуштуу М.И.Богданова да момундай деп жазат: “По отрывочным воспоминаниям стариков, помнивщих и слышавщих Арстанбека, устанавливается, что родился он в 1824 году на Иссык-Куле...” (3. стр. 151 – 152). Ал эми кайра куруу деп аталган саясий процесстин шарапаты менен жарыкка чыгып, республикабыздын коомчулугунда зор кызыгууну туудурган «Мурас» аттуу жыйнактын Арстанбек ырчыга багышталган чакан кириш сөзүнөн кайрадан “Арстанбек Буйлаш уулу 1840-жылы Ысык-Көлдүн сыртында туулат”, – деген (4. 35-б.) кургак маалыматты окуйбуз. Ал эми тарыхчылар Б.У.Урустанбеков менен Т.К.Чороевдер болсо «Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк» деген китептеринде: “Арстанңек Буйлаш уулу (1824-1878) – 19 к-дагы кыргыз акындарынын бири”, – деп (5. 17-б.) жазышат. Ошондой эле ырчынын чыгармачылыгын сая түшүп изилдеп жүргөн адабиятчы эжебиз Батма Кебекова да: “Ал (Арстанбек – С.А.) 1824-жылы Эки Нарындын ортосунда туулуп, 1878-жылы Ысык-Көл тескейиндеги Жуукуда каза болгон”, – деп (6) жазат. Жетишерлик болду го дейбиз. Минтип ачакей пикирлерди мисалга тарта берчү болсок сөз учугу улана берет.



Ушундай эле эки түрдүү пикирлер, бирин-бири жокко чыгарган ой жоруулар Арстанбектин кайтыш болгон жылы тууралуу да үстөкө-босток айтылып келет. Айрымдары улуу ырчынын көз жумган жылы катары 1878-жылды көрсөтүшсө, кээ бирөөлөр 1882-жылы дүйнөдөн кайткан деп айтышат. Ал эми М.И.Богданова болсо: «Умер в 1874 году в Иссык-Кульской же области в местности Чычкан», – деп (3. стр.152) белгилейт. Шаршенбек Үмөталиев болсо: “1882-жылы 54 жашында (1824-жылы туулган деп туура эсептегенибизде 58 жаш болот) Ысык-Көлдүн башындагы Чычкан деген жерде өлүп, Жуукунун күн чыгыш жагы Таш-Кыя бейитине коюлган”, – деп (7. 272-б.) белгилейт. Ал эми улуу төкмө өзү болсо жаш Жеңижок менен болгон учурашуу ырында минтип ырдап турат:

*Жыйырмада жашың бар,*
*Жаш жолбостой башың бар.*

***

*Как жыйырмада жашың бар,*
*Кабылан сүрдүү башың бар.* (8. 130-б.)

Улуу ырчы Жеңижоктун 1860-жылы жарык дүйнөгө келгенин эске алчу болсок, анда Жеңижок акын 1880-жылы “как жыйырма жашка” чыккан болот. Демек, көйкашка ырчы Арстанбек 1874-жылы да эмес, 1878-жылы эмес, 1880-жылдан кийин акка моюн сунган деп айтканыбыз чындыкка жакын болмокчу. Акындын кайтыш болгон жылы катары 1882-жылды көрсөтүү менен белгилүү адабиятчы Ш.Үмөталиев чындыкка бир топ жакындап келгенин белгилеп кеткенибиз оң.

Бирок, таанымал адабиятчы Ш.Үмөталиевдин бул макаласында фактылык чаташуулар да бир топ экендигин да адилдик үчүн айта кетмекчибиз. Айталы, Белек Солтоноев да, Тазабек Саманчин да Арстанбек Буйлаш бийдин Төрөкан деген токол аялынан, болгондо да кийин салбар кылып таштап салган токол аялынан төрөлгөн бала болгон деп атайы баса белгилеп жазып жатышса, Ш.Үмөталиев, тескерисинче, моминтип жазат: “Буйлаштын эки аялы болот. Арстанбек байбичеден болгон. Атасы байбичесинин үстүнө жаш токол алып, Арстанбектин энесин салбар кылып өзүнчө бөлүп, таштап коёт”. (7. 271-б.) Албетте, биз Белек Солтоноев менен Тазабек Саманчинге ишенебиз.

Арийне, көркөм мурасы улуттук адабиятыбыз үчүн эбегейсиз мааниге ээ инсандын эң алды өмүр таржымалын тактап алуу өтө кажет нерсе. Бул иште ар кандай божомолдорду аныктоо үчүн биринчи кезекте улуу төкмөнүн көркөм мурасына, б.а. ал калтырган чыгармаларга кайрылганыбыз максатка ылайыктуу, залкар ырчы өзү айткан сөздөрдү таяныч тутканыбыз оң.

Мына эртелеп элге аты чыгып калган он сегиз, жыйырманын тегерегиндеги Жеңижок алыскы Аксыдан ат арытып, жол басып улуу ырчыга жолугуп өнөрүн сынатып, накыл кебин угуш үчүн Көл башында Каркыранын төрүндө жаткан Арстанбекке келди. Жеңижоктун саламдашкан ырын уккандан кийин жооп ырында Арстанбек:

*Агала сакал болсом да,*
*Аргендей үнүм өчө элек,*
*Аброюм журттан кете элек,* – деп (8. 131-б.) жооп узатат.

Жогоруда көрсөтүлүп кеткендей, эгерде Жеңижоктун 1860-жылы туулганын эске алчу болсок, анда эки ырчынын жолугушуусу Арстанбек көзү өтөр учурда, болжол менен XIX кылымдын сексенинчи жылдарынын баш ченинде болгон деп айтсак чындыкка жакындашат. Демек, эки акын жолугушкан учурда Арстанбек ырчы “агала сакал болуп” алтымыштын ар жак, бер жагындагы (демек, 1824-жылы туулган) акын экендиги көз алдыбызга келет.

Анан калса, Жеңижок менен болгон ошол жолугушууда залкар акын:

*Эр ортондон өтсөм да,*
*Али комуз күүм төп эле,*
*Ырдар ырым мол эле,* – деп (8. 131-б.) эр ортону элүү жаштан эбак эле өткөнүн ачыктан ачы айтып, жамы журтка шардана кыла ырга салып олтурат.

Ал эми атактуу ырчылар Калык менен Осмонкул өткөн-кеткен залкар төкмөлөр жөнүндө ырдап келишип, Осмонкул ырчы:

*Алтымышка бой бербей*
*Алкынып топто жүрчү экен.*
*Акындардын көркөмү*
*Арстанбек кандай ырчы экен?* – деп (8. 141-б.) собол таштаганынан улам Арстанбек кантсе да алтымышка чыга жашаган деген ойду айтсак болот...

Эгерде Арстанбек ырчы 1840-жылы төрөлгөн деген божомолго ишенсек, анда Жеңижок менен жолугушкан учурда кырктын кырындагы алдуу, күчтүү адам болуп калат да, “агала сакал болсом да”, “эр ортондон өтсөм да” деген саптары кандайдыр бир күмөн ойду пайда кылат. Демек, Жеңижок менен учурашканда Арстанбек ырчы, жогоруда баса белгилегендей, агала сакал болуп, эр ортону элүүдөн эбак өтүп, алтымыштын кырына келип, (демек, 1884-жылы акка моюн сунган) ар нерсеге терең акыл калчаган адам эле. Бул бир.

Экинчиден, Арстанбек төкмөнүн казак ырчылары Каңтарбай, Сүйүнбайлар менен айтышканын билебиз. Бул айтышуулар казактардын Кене ханынын кыргыздарга жасаган жортуулунан кийин, Кене хан, Ноорузбай баатырлар кыргыздар тарабынан өлтүрүлүп, казактын колу талкалангандан кийин, касташкан эки элдин ортосу кайрадан акырындап ысык тарта баштаганда болот. Кене хандын жортуулу 1847-жылы болгондугу тарыхтан маалым. Анан да Арстанбек менен Сүйүнбайдын айтышы 1847-жылы Кене хандын жеңилишинен кийин, 1854-жылы Ормон хандын өлүмүнө чейинки мезгилде, болжол менен 1850-51-жылдары болуп өткөн. Эгерде Арстанбек 1840-жылы туулган деген божомолго ишенсек, анда Сүйүнбай ырчы менен сүрө-сүрө айтышка түшкөн учурда – өмүр эмне да, өлүм эмне, аалам эмне да Жер эмне, тууган эл басып өткөн жол кандай да, андагы уруулар кандай бөлүнөөрү тууралуу түбөлүктүү, философиялык, санжыргалуу саптарды күргүштөтө ырга кошкон учурда – 10-11 жашар тестиер бала болуп калат. Демек, Арстанбек ырчы 1824-жылы жарык дүйнөгө келген деген пикир чындыкка өтө жакын айтылган ой.

Мына ошентип, улуу ырчынын өмүр тагдыры жөнүндө айтылган ар кандай ачакей пикирлердин башын ачып алгандай болдук. Арстанбек ырчы болжол менен 1824-жылы жарык дүйнөгө келип, болжол менен 1884-жылы дүйнөдөн өткөн деп айтып, окуп үйрөнсөк болот. Мындай экендигин, жогорудагы сөздүн жүрүшүнөн көрүнгөндөй, Арстанбек ырчынын өз оозунан алынган сөздөр да далилдеп турат.

Айтылып өткөндөй болочоктогу залкар ырчы Буйлаш бийдин токол аялынан төрөлгөн бала болгон. Арстанбектин балалык жана өспүрүм курагы жөнүндө жогоруда ысымы аталып өткөн адабиятчы Тазабек Саманчин өтө дыкаттык менен төмөнкүдөй баяндап берет: “Кийинчерээк Бойлош токолу Төрөканды бала-чакасы менен салбар кылып таштайт. Көп катындуу кыргыздын бай-манаптары, эгер анын бир катыны кантиптир байынын алдында жазып калса, же ал катынынан бара-бара көңүлү сууса аны салбар кылып таштоочу. Бай салбар катынынын оокат-тиричилигине каралашпайт. Ал катынына талак катын колуна берип, анысынын башын биротоло ачып да жибербейт. Салбар катын бала-чакасы менен байдын үй-бүлөсүнүн кем бүлөсү болуп жүрө берген. Ошентип, Арстанбек салбар энесинин салбар уулу болуп, улуу катындын балдарына тең ата боло албай, чоңоё баштайт... Тоюна тамак ичпей, үстүнө куур, курмушудан башка кийим кийбей, жаш Арстанбек эптеп жерден боорун көтөрүп, тестиер болуп жетилет. Салбар баласы Арстанбек оокат-карага жарап калганда Бойлош аны козу, анан кой кайтартат. Бойлоштун миңдеген коюн кайтарган малай койчулар менен Арстанбек укуташ болуп, бир жыл үзбөй койчу болот”. (2. 151-б.)

Залкар адабиятчы Тазабек Саманчин андан ары он эки, он үч жашар Арстанбектин “кош өркөчү баладай ак төөгө минип”, боз төө чепкен кийип, ак дөбө жерге чыгып, “ак комузду колго алып, чертип жатканын”; ак дөбөнү тегеректеген кыргыз, казак тегиз ыраазы болуп алкап, батасын берип жатканын” түш көргөнүн айтса, атасы Буйлаш: “Жамандын түш көргөнү да жаман, жүр салбар” – деп, Арстанбекти үйдөн кууп чыкканын; “Арстанбекти [Буйлаш] бийдин сүйгөн катынынын балдары канчалык шылдыңдап, сындырмакчы болгону менен, ал өзүнүн шайыр, шайкелең жана ачык-айрым мүнөзү менен жана үч кыл комуз черте койгон азын-оолак өнөрү менен элге жаккандыгын”; моңолдор Айтымбет уста үйдүн үч уугун сууруп алып, “турнабайдай суурулма бир сонун комуз жасап” бергендигин; Арстанбек он төрткө чыкканда эзелтен келе жаткан күйгөн, секетбай ырларын, ал турсун “Кожожаш” баш болгон бир катар элдик дастандардын “ар кайсы жеринен айтып да жиберерин” тыкыр баяндап келип, Тазабек Саманчин момундай жыйынтык оюн айтат: “Бирок анын салбарлык турмушу кендирин кесип, арманын арылтпады. Атасы эл арасында канчалык алылдуу киши болсо да, жалындап чыгып келе жаткан жаш баласынын кадырына жете албады”. (2. 155-б.)

“Ата-энени тандабайт” деп орустар айткандай токол зайыптын, салбар аялдын баласы экендиги Арстанбектин өмүр жолундагы эң урунттуу учурларда да атаандаштары тарабынан дамамат эскертилип жүрүп отурган. Казактын ырчысы Сүйүнбай менен болгон даназалуу айтышта да:

*Белсенип ырдайт*
*Арстанбек*
*Мен белдүү жердин баласы,*
*Теңселип ырдайт*
*Арстанбек*
*Мен тектүү жердин баласы,*
*Тегинде жок карасы,*
*Териштирсең тукумум*
*Акындын барбы чаласы,* – деген (8. 70 – 71-бб.) сөзүнө да Сүйүнбай ырчы:

*Бий баласы болсоң да,*
*Бий үйүнө батпаган,*
*Бий өргөсүн баспаган,*
*Сен салбардан туулган карыпсың,* – деген (8. 74-б.) жообун узата ырчынын талуу жерине тийип, каңырыгын түтөтө, ичтен күйдүргөн.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4
(302)

30
04
2024

kyrgyztili@mail.ru

# “Манас” эпосундагы Алманбеттин саясий ишмердүүлүгү



**Чынара АКБАРОВА, Таш-Көмүр шаарындагы, Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунун улук окутуучу, журналисттер союзунун мүчөсү**

Макалада “Манас” эпосундагы эр жүрөк баатыр Алманбеттин саясий ишмердүүлүгү, жоокердик заманда кыргыз элине биринчилерден болуп аскер тартибин киргизгендиги жөнүндө баяндалат. Эпостогу башкы каармандардын бири Алманбеттин адилеттүүлүк менен жеңишке жетиши жана өзүнүн атактуулугун даңазалаган мыкты сапаттары көрсөтүлгөн.

Алманбет— Манастын кырк чоросунун эң көрүнүктүүсү. Теги боюнча кытай (кээде калмак) канзадасы, атасы Соорондук (айрым варианттарда Азизкан) кытайдын башкы кандары Эсенкан, Алооке, Карыкан менен бир tуугaн. Эпостогу монументалдуу образдардын ичинен Алманбеттин саясий ишмердүүлүгү өзүнүн көп кырдуулугу менен бөтөнчө орунга ээ. Манаска жакын башка адамдар өздөрүнө таандык сапаттары Мисалы, Чубак, күч-кубатка эгедерлиги, намыскөйлүгү; Сыргак чыйрактыгы, шамдагайлыгы, моюбастыгы; Каныкей менен Бакай акылмандыгы, көсөмдүгү менен өзгөчөлөнүп турушса, Алманбетте аталган сапаттардын бардыгы тең бар. Ошондой эле ал — Кытайда өзгөчө билим алып окуган, аярлык, жайчылык өңдүү укмуштуу өнөрлөргө ээ жана аскердик өнөрдүн түрдүү жактарын терең билген жападан жалгыз каарман.

Алманбет 14 жашында өзгөчө зээндүүлүгү менен айырмаланып такка отурган. Ошол кезден баштап, өлкөдөгү жосунсуз жоруктарга бөгөт коюп, караламан элдин кызыкчылыгын көздөгөн. Мисалы; мартабалуу улук адамдардын урматына кара башыл адамдан садага чабуу, бой жеткен улан кыздардын боорунан ак сөөктөргө арнап жашартуучу каражаттарды жасоо ж.б. адилетсиз иш аракеттерди токтотууга аракет жасаган. Алдына келген элдерге калыс чечим кабыл алгандыгы менен элге алынып кетет.

Алмамбет кара кылды как жарган калыс башкаруучу болгондуктан жеке эле өз эли эмес, башка хандардын эли да арыз-муңун айтып ага келгендиктен кытайдын хандары, билермандары нааразы боло башташат.

Алманбеттин мындай жигердүү саясий ишмердүүлүгү көпчүлүк атка минер төбөлдөргө жакпай Эсенкан баш болгон кытай хандары каршы чыгып, саясий куугунтукка учураган. Натыйжада туулуп өскөн жерин таштап качып чыгууга аргасыз болот.

Тагдырдын буйругу менен казактын ханы Көкчөгө келип кызмат кылат. Алманбеттин адилеттүү ак кызматы кээ бир ордо кызматкерлерине жакпайт. Аны көрө албаган алчындардын Бообеги, абактардын Шаабеги, байжигиттин Багышы, аргындардын Алымы, Тынымсейит баш болгон алтымыш уруудан чогулган мыктылар жайма- жай кеңеш куруп сөздү Алымсейит баштап:

Алманбет калкка алына баштады, мырзалар. Калкка алынып кеткен соң биз аңкайып куру калабызбы. Каңгып келип бир кытай бүт казакты бийлеп кетеби, кандай дейсиңер? (Айкөл Манас баяны 2-китеп,149-бет) деп чурулдап, ордо билермандары Алманбетке көрүнөө күнөө жаап айыптап, ал жерден дагы кодулашып батырбайт. Ошентип өлкөсүнөн кетип, Көкчө баатыр башкарган казак хандыгына баш калкалап барса ал жерден дагы калыстыкты таппай, кетүүгө туура келет.

“Кайыңды көрсөм конормун, кайышпай кайың көтөрсө, как ошол жерде болормун” дейт. Алманбет. Чындык, адилеттүүлүк кай жерде болсо, ал ошол жерде. “Башымды жөлөөр паана жок, баркымды билээр даана жок” деп арман кылган Алманбет акыры издеген акыйкатын Манастын айкөл дүйнөсүнөн табат. Өз кезегинде “издеп тапсам канеке, телегейи тегизди, өзүмө теңтуш эгизди” деп эл ичинен тымызын Аккан досту издеп жүргөн Манас, Алманбеттен өзүнүн руханий эгизин көрүп, “алыскы ишти ойлогон, акылмандын бири экен” деп таанып, кучагын жайып кабыл алып “Кызыл найза желегим, Кытайдан келген белегим” деп аны менен ажырагыс дос болот.

Демек, Алманбет Манаска, кыргыз элине чын жүрөгүнөн ак кызмат кылган теңдешсиз айкөл баатыр. Анын адамдык бийик нравалык идеяларга берилген таза жүрөгүн көрүп, акылман Бакай:

*“Ал Алманбет арстанды,*
*Манастан да артык көрөмүн.*
*Баатыр Алмам султанды,*
*Баламдан жакын көрөмүн”* деп агынан жарылат. Манас “Чоң казатка” аттанганда Алманбетти аскер башчысы кылып дайындап, ага бир тууганына ишенгендей ишеним көрсөтөт. Алманбет “Чоң казатта” мурдатан өзү жек көргөн кытайдын “кызыл камчы” бийлигинин аскердик күчү менен жан аябай согушат.

Алманбет Манастын да, Каныкейдин да ишенимине кирет. "Чоң казатка" чыгар алдында Каныкей Манасты ушул Алмамбетке гана ишенип тапшырат. Алманбет согуш тактикасын мыкты өздөштүргөн иш билги көсөмдүгү менен Манастын колу "Чоң казатка" аттанганда ошол колду баштоо, хан болуу укугу Алмамбетке берилет. «Кытайга каршы согушка баратса, анан улуту кытай Алмамбетке хандыкты өткөрүп берет деген эмнеси» деп Манастын жакын кишилери каршы чыкканга да карабай, бийликти бүт Алмамбетке ыйгаруу менен Манас анын аскердик билимине, жер сырын билген акылмандыгына, кыргыз колунун ичиндеги кадырбаркына ишенген.



Биринчи жолу Алманбет аскер тартибин орнотуп баш аламандыкка жол бербөө, согуш талаасындагы эрежелерди иштеп чыгып, бөөдө карапайым калктын зыян тартпоосун камсыздаган. Маселен; жаш балдар менен аялдарга курал көтөрбөө, бүлүнгөн элди тонобоо ж.б.

Алмамбет жоокерлик заманда биринчилерден болуп кыргыз элине аскер тартибин киргизүү менен онбашы, жүзбашы, миңбашы, баатырбашы (10000), бек (100000 аскердин башчысы) даярдалып, ошолор ар бир жаран үчүн жооптуу болгон. Ал түгүл кандай кырдаал болсо да улам жогору жакка билдирип туруу милдети жүктөлгөн. Ошондой эле алардын символдору да төмөндөгүчө белгиленген, маселен; бир бектикке — бир туу, бир баатырбашы же түмөнбашыга — бир туу, баары — отуз туу, бир миңбашыга — бир байрак, баары — отуз миң байрак. Жалпы колго үч жүз керней, үч миң сурнай. Бул кыргыз колунун Алмамбет бекиткен өтө катуу тартиби, кол эсебин алуунун, өлүү-тирүүлөрүн тактоонун жолу болгон.

Аскер илиминде чалгынга баруу, ал жактан "тил" кармап келүү жеңишке жетүүнүн биринчи жолу катары эсептелет. Бул ыкманы жоокерлердин согуштук талаасында колдонуп, жыйынтыгында көп жолу жеңишке жетишкен. Алмамбет, Чубак "кентундуктан тил кармап" келе жатканы айтылат (Манас, 4-китеп, СО, 1982, 247). Алмамбет чалгын чалып жолду жана географиялык аймактарды белгилеп турат. Чалгында Алмамбет, Сыргак болуп Коңурбайдын аскерлерине кабылат. Ошондогу абал: "Мылтыктын калды огуна, жазайыл менен тобуна, жатып калды баатырың, жалын менен чогуна" (Манас, 4-китеп, СО, 1982, 323). Ушундай татаал учурда да Алмамбет жаш Сыргакты сабырдуулукка чакырат. Согушта жеңилбөөнүн, багынып бербөөнүн жолу — душмандын чабуулу кезинде алдастап, коркуп калбоо, өздөрүн жоготуп колго түшүп бербөө. Андыктан да Алмамбет: "Каныңды койбой жууп ал, жанагыдай демикпей, эсиңди жыйып, сууп ал!" (Манас, 4-китеп, СО, 1982, 324) деп жаш Сыргакка акыл айтып жатат. Кытайлар менен бетме-бет чыгып согушка киргенде душман аябай көп болуп, жамгырдай жаа тартып, мөндүрдөй ок атып Манаска жетип турганда, айкөл Көл-Кечүүдөн чыга албай турганда баатырды көзөмөлдөп Алмамбет менен Чубакка жете барат да мылтык менен ондон, бештен окко учурат, жазайыл мылтык дагы атып, койчагыр менен топ атып, Манасты коркунучтан сууруп чыгат. Жусуп Мамайдын вариантында мындай айтылат: "Алмамбет султан жол баштап, элүү төрт илек (бир илек 100 миң – М.А.) кол баштап, түрк уланы келген дейт" (Семетей, 3-китеп, Ж.Мамай, Б., 1995, 98). Демек ал 5 миллион 400 миң кыргыз жоокери менен кытайга каршы согушка кирген болот.

Жолду бууган агыны күчтүү дарыянын суусун жайчылык өнөрү менен тарттырып, кыргыз колун суудан аман кечирип өтөт, керек жерде күндү жайлап, жайды кышка айлантат. Ал ошону менен бирге таланттуу кол башчы катары кыргыз колун өтө узак, кыйын жортуулга билгичтик менен баштап барып, душманды жеңип алууда зор роль ойнойт.

"Жоону сайды Алманбет аты калды Манаска" - деген сөз бекеринен калбаса керек. Анткени “ Вазир жакшы хан жакшы” демекчи, хандын атагын чыгарган, акылына акыл кошуп жакшы кеңешин берген Алманбет Манастын эң ишенимдүү, адилет, саясий ишмердүүлүгү менен кыргыз журтчулугун 40 жыл башкарып, ал жетектеген аскерлер эч качан жеңилбес легендарлуу миллиондогон калкы бар кытай элинин Бээжинге согуш ачып жеңиш менен кайтышкан.

Алманбеттин Манаска келип ак кызмат кылып, өзү туулуп өскөн эли кытайга каршы кол баштап барышы өз ата мекенине чыккынчылык катары каралбайт. Тескерисинче, мында кытай элин адилетсиз хандардын зулум бийлигинен эркиндикке чыгаруу сыяктуу бийик идеал жатат. Эл-жерди сүйүүнүн идеал образы да Алманбеттин ишмердүүлүгүнө байланышкан. Анын эл-жерди сүйүүсү, «элди сагынбас эр болбойт, үйүрүн сагынбас ат болбойт» — дегендей, башка жерде канчалык сый урматта жүрсө да, эли-жерин эстен чыгарбай куса болуусу аркылуу берилет. Алманбеттин саясий ишмердүүлүгү жана ага байланышкан окуялар өзүнүн алгачкы башатын кыргыз элинин байыркы доорлорунан алат.

Алманбеттин бир элден бир элге өтүп келишиндеги мотивдердин калыптанышына феодалдык доордогу ич ара кагылышууларга байланышкан тарыхый фактылар да таасирин тийгизген. Орто кылымдагы бийлик талашуунун, ошондой эле башка чырлашуулардын натыйжасында феодал төбөлдөрүнүн жоо тарапка өтүп кетип, бийликке ээ болушу адаттагы көрүнүштөрүнүн бири болгон.

Алманбет 72 өнөр билген, акылы жетик, адилеттүү адам болгон. Ал жогоруда айтылгандай эле кытайдын чыккынчысы эмес, акыйкатты издеген адам. Алманбет акыйкатты өз жериндеги атасы, Коңурбайдан, казак досу Көкчөдөн таппай келип, Манастан жолуктурду. Ал эми Манас Алманбетти жөн эле кабыл алган эмес. Кайра өз оюу менен, кыргыздын салт-санаасы менен жашатты. Азыр Алманбеттин урпактарын таап чыгууга болобу, таба албайсың. Четтен келген нерсени кабыл кылуу илгертен мына ушундай болгон. Аны кабыл кылып, кызыкчылыгын кыргыз үчүн жуурулуштуруп жиберген. Каныкей дагы мына ушуга окшош. Улуту башка болсо да, кыргыздын салтын өөрчүтүп, өнүктүргөн. Ушул эки нерсени кабылдоо ошол доордогу кыргыздын эң алдыңкы идеялары болгонунан кабар берет. Кыргыздын качан болсун кабылдоосу даяр экендигин билдирет.

Алманбет баатырга "Чоң казатта" Шыпшайдардын огу тийип, каза болот. Ошондо кан досунан, жан досунан ажыраган, тоодой болгон алп Манас кумурскадай кунсуз болуп: "Кызыл болот желегим, Алмамбет — Каңгайдан келген белегим, кысталыш жерде керегим, өйдө чыкса — өбөгүм, өлбөй кантип турамын, кайран Алмам — жөлөгүм, алтын айдар, чок белбоо, арстаным Алмам, ала жат, кол кармашып кеткенге, кокуй күн, Алмам, ала жат",- деп жер муштап арманын төгөт.

Алмамбет керээз кылгандай, анын сөөгү Катагандын кан Кошой жердеген Ат-Башынын Чеч-Дөбөсүнө коюлат.

Ат-Башынын Чеч-Дөбөсүндө эски кабыр "Алмамбеттин кабыры" аталат. Чоң казатта Шыпшайдар аны атып өлтүргөндө сөөгүн минген аты Саралага жүктөп жөнөтүшөт, адамдан акылдуу жаныбар ээсинин жасатын Чеч-Дөбөгө алып келип, ушул жерге коюлган деп айтылат. Кытайдагы Манас шаарында Сөгөт деген мазарда "Алмамбеттин күмбөзү" бар. Мусулмандардын күмбөзүндөй жасалган, ичинде намаз окуй турган кобутча да орун алган.

Кыргыз колун Бээжинге баштап барганда эли-жерин көрүп Алмамбеттин Сыргакка айткан арманы "Алмамбеттин арманы" деген күүдө айтылат. Бул күүнү кыргыз радиосунун коруна Ыбырай Туманов, Актан Тыныбеков сыяктуу комузчулар жаздырган. Ошондой эле дагы бир күү "Алмамбеттин жомогу" деп аталат. Анда Кытайдын эли-жерине Тал-Чокуда туруп Манас дүрбү салып таң калып турганда, Алмамбет өзү тууралуу Манаска, Чубакка, Сыргакка айтып берген тагдыры баяндалат.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (302)
30 04 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Тагдырды өзгөрткөн балдар:



## АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕ

**ИСАМИДИН уулу Бектурали,**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин,**
**Мамлекеттик тил боюнча башкы адиси**



### Тоолор кулаганда

Түйүлдүк ...
Эгерде Элестин боюна бүткөн болсо, анда ал аял катары, энелик сезимди туюп өмүр улантат. Эгерде, андай болбосо өмүр бою чиркөөдө жалгыз турмуш кечирет... Анын кандай тагдырга туш болушун да БАЛА чечип жатат...




### Чыңгызхандын ак булуту

Жаратканага эч ким каршы чыкпашы керек!
Дүйнөнү дүңгүрөткөн кол башчы да тазалыгы жанда жок бала алдында күчтүү эмес. Дайыма коштоп жүргөн ак булуттун балага ооп кетиши, баштагы ооматтын, жеңиштин да кеткени менен байланыштуу. Согончогу канабаган Алтундун бала үчүн эмчегинен эне сүтүнүн чыгып кетишинде да баланын ордун опол тоодой...



### Бетме бет

Сейде баарын кечирмек жана кечирип да келди, бирок ал чүрпөдөй балдардын ырыскысын уурдап жеген адамды кечире албады, ал эң жакын адамы болсо да...



### Жамийла

Биз кээде балдарды али абдан жаш деген ойго келебиз. Бирок, Сейит сымал улуу сүйүүгө таазим кылып, эң катаал шартта да аманатка кыянат кылбаган мүнөз балдардын табиятына таандык экендигин ушул образдан эле билсек болот...



### Кассандра тамгасы

Түйүлдүк ...
Кайсы коомдо балдардын төрөлүүсү азайып, же жоголуп кетсе, ал өтө чоң жоготуу жана коркунучтуу жагдай. А мында балдар жарык дүйнөгө төрөлүүдөн баш тартып, ыплас жашоого келүүнү каалашпайт. Демек, биз балдардын көрө турган жарык дүйнөсүн булгабашыбыз зарыл. Төрөлбөй жатып бул дүйнөдөн зар какшап жаткан балдардын көөдөн кыйкырыгы кооптуу нерседен кабар берет...



### Кыямат

Бала үчүн кыяматтык өч алуу болду. Ааламда адам болобу, жаныбар болобу, баары тең бирдей өз баласы менен бактылуу болот ..



### Делбирим

Бейтааныш жолчу Байтемир Аселге караганда да балага көбүрөөк жакын болду. Ошол жылуу сезим анын баарын үй бүлө курганга чейин алып келди...
Ата үчүн баланын орду алмашкыс, бирок аны сактоо керек!



### Ботокөз булак

Кара күчтүн доору кайсы бир мерчемдүү саатка чейин эле. Адам турмушунда сапат, мүнөз жана инсандык касиет чоң ролду аткарат. Бул багытты Кемелдин образы ачып берет, аны менен катар кыйынчылыктардын өмүрү кыска экенин да так көрсөтө алат ...



### Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт

КИРИСК
Баары бул дүйнө менен коштошту, тек гана адамдын муунун улап бала калды. Кириск эми адамзаттын улуу жолун улайт. Ар бир тирүүлүк өзүнөн кийинки муунга жакшы жашоо таштап кетүүгө тырышат. Эгер андай болбосо адамдын адамдыгы жоголмок. Акыркы тамчы суу, акыркы адамдын тукуму...



### Ак кеме

Бала - баарынан таза, ал дайыма ошол бойдон калышы керек. Орозкулдун зөөкүрлүгү, Момун чалдын кадыры, согончогу канабаган Бекейдин бактысы баары БАЛА эле болгондо башкача чечилмек...



### Эрте келген турналар

Мезгилдин бир сааты келгенде Ата Журт үчүн биз тарбиялаган балдар кызмат кылат. Муун алмашат, ар бир баланын колунан чоң жана мыкты жоопкерчиликтүү иш келет, болгону биз аларга ишене билүү зарылдыгын туюушубуз керек !



### Атадан калган туяк

Баланын тагдырында атанын орду абдан чоң. Бирок, ар дайым эле балдарды жалган айтуу менен тарбиялоого болбос, анткени алардын табияты таза жана чынчылдыкка сугарылган болуп, ар кандай кырдаалды жүрөгү менен кабыл кылат...



### Чыпалак бала

Балдардын фантазиялык ой чабытын өстүрүүгө багытталган өзгөчө жанрдагы чыгармаларынын бири. Мында Чыпалак бала канчалык кичине болгонуна карабай амалы, айлакерлиги менен жол таап чыгып кеткендиги. Демек, биз балдарды баласынтып койгонубуз дурус эмес, алардын да алтынга тете акылдары бар экенин чагылдырып турат...



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4
(302)

30
04
2024

kyrgyztili@mail.ru



Ысмайыл КАДЫРОВ

# Балдар ырлары



КАДЫРОВ Ысмайыл (адабий аты – М.Жаныбек) 1951-жылы 16-июлда Ат-Башы районунун Жаңы-Күч айылында туулган. 1977-ж. КМУнун механика-математика факультетин бүткөн. 1977–2000-жылдары Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясында, 2000–2022-жылдары КР Өкмөтүнүн Аппаратында иштеген. 2023-жылдан КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун терминология жана ономастика бөлүмүнүн башкы адиси. 1998-жылдан Терминкомдун мүчөсү. И.Арабаев атындагы КМУнун Ардактуу профессору. Балдар акыны, жазуучу. Көптөгөн көркөм, илимий-популярдуу, котормо китептердин, энциклопедия, сөздүктөрдүн автору. КР Улуттук жазуучулар союзунун, СССР жана Кыргызстан журналисттер союзунун мүчөсү. КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер. "Даңк" медалынын ээси.

## Ким? Эмне?

*Кыргыз тилде байыртан,*
*Кишини гана ким дешет.*
*Калган жандуу, жансызды,*
*Качан болсо эмне дейт.*

## Булар кимдер?

**Бала**

*Уулу дагы, кызы да,*
*Бала – ата-энеге.*
*Балдар дешет жаштарды,*
*Улуулары дегеле.*

**Уул, кыз**

*Эркек бала – уул делет,*
*Ордун басар атанын.*
*Жароокер болот кыз бала,*
*Жардамчысы апанын.*

**Ымыркай**

*Ымыркай деп аталат,*
*Бала жаңы төрөлгөн.*
*Ата-энени кубантып,*
*Ак бешикке бөлөнгөн.*

**Наристе**

*Жан дүйнөсү таптаза,*
*Жарай элек ар ишке.*
*Бирден үчкө чейинки,*
*Уул-кыздар - наристе.*

**Мадыра**

*Уул балдардын көбүнчө,*
*Төрт – жети жаш курагы -*
*Эл ичинде айтылат,*
*Мадыра баш убагы.*

**Секелек**

*Канбай турган оюнга,*
*Төрт - жети жаш эселек.*
*Так секирген сереңдеп,*
*Кыздарды айтат – секелек.*

**Тестиер**

*Таасын, таамай сөздөрдү,*
*Тапкан тура эскилер.*
*Сегиз – он жаштагы,*
*Уул-кызды айтат – тестиер.*

**Өспүрүм**

*Жашка он бир – он эки,*
*Жаңы эле чыкканды.*
*Балакатка баш баккан,*
*Уул балдарды, кыздарды.*
*Өспүрүм деп коюшат,*
*Кубандырып укканды.*

**Жеткинчек**

*Он үч – он төрт жаштагы,*
*Уул балдарды, кыздарды.*
*Жеткинчек деп аташат,*
*Өсүп жаткан жаштарды.*

**Эже**

*Улуу бир тууганыңды,*
*Кыз бала болсо эже де.*
*Эже деп кайрыл кыздарга,*
*Өзүңдөн улуу дегеле.*

**Сиңди**

*Кыз баланын кичүүсү,*
*Сиңди болот эжеге.*
*"Эжелүү кызга эски тон",*
*Эркеси болот эң эле.*
*Аялзаты кичүүсүн,*
*Сиңдим деп коёт дегеле.*

**Жезде**

*Эжекеңдин күйөөсү,*
*Жезде болот сага.*
*Урмат менен, сый менен,*
*Мамиле кыл ага.*

**Тогончор**

*Кызынын кызынын баласын,*
*Кыргыздар тогончор аташкан.*
*Уулунун уулунан кем көрбөй,*
*Урматтап дайыма бата айткан.*

**Бөлө**

*Эже-сиңди кыздардын,*
*Балдары болсо бөлө.*
*Бир бириңе эш болуп,*
*Керек кезде жөлө.*

**Замандаш**

*Адамдар көп көчөдө,*
*Ыгы келсе саламдаш.*
*Булар кимдер? Билсең –*
*Булар сага – замандаш.*

**Мекендеш**

*Кыргызстандын элдерин,*
*Кызыксаң кимдер экен деп.*
*Ар кайсы улут болсо да,*
*Алар сага мекендеш.*

**Таламдаш**

*Бир нерсени талашса,*
*Билишинче баяндап.*
*Бир пикирде болгону,*
*Бир бирине таламдаш.*

**Айылдаш**

*Бир айылда жашаган,*
*Элдин баары айылдаш.*
*Жакшы билген бир бирин,*
*Булардай эч ким табылбас.*

**Бозой**

*Жаштагы он беш – он алты,*
*Уул бала көрүнсө.*
*Боз бала – бозой деп коёт,*
*Эл ичинде көбүнчө.*

**Селки**

*Жаштагы он беш – он алты,*
*Кыз бала селки аталат.*
*Токтоо тартып мүнөзү,*
*Ойноокту газаят.*

**Улан**

*Он жети менен он сегиз,*
*Улан курак – уулда.*
*Илгери жоого аттанып,*
*Кийчү тура туулга.*
*Азыр деле конуч кез,*
*Өз алдынча тууpra.*

**Бийке**

*Он жети менен он сегиз,*
*Кыздардын бийке курагы.*
*Орто мектепти аяктап,*
*Шыңкылдап турган убагы.*

**Бийкеч**

*Он сегизден жогору,*
*Кыздардын бийкеч курагы,*
*Бойго жетип солкулдап,*
*Болуп турган убагы.*

**Жигит**

*Он сегизден өткөндө,*
*Уул бала жигит аталат.*
*Улантып ата өнөрүн,*
*Улуулардан бата алат.*

**Азамат**

*Андан ары – Улуу муун,*
*Азамат курак кенжеси.*
*Өзүн кыйын сезген кез,*
*Өзгөдө жоктой теңдеши.*

**Киши**

*Отуздардан өткөндө,*
*Киши курак башталат.*
*Узак мезгил ушул кез,*
*Мойну узун башкараак.*

**Келин**

*Кыз бала келин болгондо,*
*Аппак жоолук салынат.*
*Кызмат кылса ак дилден,*
*Кайын-журтка алынат.*

**Аял**

*Андан ары тотугуп,*
*Жетет аял куракка,*
*Айым делет мыктысы,*
*Үзүлгөндү улаша.*

**Кемпир**

*Мезгил келет андан соң,*
*Бучкактаган небере.*
*Байбиче деп кайрылган,*
*Барктуу учур эң эле.*
*Кемпир курак аталат,*
*Жалпысынан дегеле.*

**Чал**

*Алтымыштан аркысы,*
*Абышка курак, чал курак.*
*Жүгүң бошу эрте эле,*
*Карылыкка алдырат.*
*Токсондо да ноюбай,*
*Тың адам элди таң кылат.*
*Улгайган, кары адам деп,*
*Урматтап жаштар айбыгат.*



## Булар эмне?

**Терек**

*Курулушка керек,*
*Түптүз өсөт демек.*
*Көчөлөргө көрк берген,*
*Бул кадимки терек.*

**Карагай**

*Аска-зоону аралай,*
*Өскөн шыңга карагай.*
*Дайым жашыл сеңселип,*
*Төрт мезгилге карабай.*

**Кайың**

*Агарып кат-кат кабыгы,*
*Алыстан эле дандайын.*
*Ким билбейт бул даракты,*
*Анын аты – ак кайың.*

**Арча**

*Жалбырагы талча,*
*Бийик өспөйт анча.*
*Түтүнү да дары,*
*Бул жапалак арча.*

**Дан куурай**

*Жакшы мөмө байлайт деп,*
*Жылда кыркат камдуулар.*
*Кыям үчүн жаралган,*
*Кызыл дандуу дан куурай.*

**Карагат**

*Мөлтүрөгөн даны бар,*
*Бассаң бадал аралап.*
*Жалбырагы, мөмөсү,*
*Жалаң дары – карагат.*

**Бубак**

*Төрт мезгилге карабай,*
*Дайым жашыл карагай.*
*Бутактарын кышында,*
*Бубак басат аябай.*

**Зубала**

*Үбөлүктөп жайганга,*
*Камырды үзүп туурала.*
*Даяр болгон камырдын,*
*Бир үзүмү зубала.*

**Теңге гүл**

*Календула дегенди,*
*Теңге гүл дейт кыргызча.*
*Гүлү сары, дары гүл,*
*Пайдасы көп турмушта.*

**Чаткал**

*Эки тоонун ортосу*
*Аталаарын "чаткал" деп,*
*Укканда абдан кубанды*
*Сөзгө дилгир Аскарбек.*

**Чакар**

*"Чоң" дегенге синоним,*
*"Чакар" деген бир сөз бар.*
*"Митаам, кыйды" деген да*
*Маанилерин билип ал.*

**Чимели**

*Ата-баба илгертен,*
*Айткан сөздү билели.*
*Алсыз майда кумурска,*
*Аталат тура – Чимели.*

**Алкынды**

*Жууй берсең самындап,*
*Кир болгондор тазарат.*
*Аз калганы самындын,*
*Алкынды деп аталат.*



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4
(302)

30
04
2024

kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4
(302)

30
04
2024

kyrgyztili@mail.ru

Дүйшөн КЕРИМОВ:

# “Эсеби маселен, кайран Маркес кыргыз үчүн эки өлдү…”

***– Дүйшөн агай, акыркы убактарда адабий сынга, деги эле адабий процесстерге чечкиндүү аралашып келе жатасыз. Бүгүнкү маегибиздин башкы темасы – эне тилдин тазалыгы, кыргыз тилинин өз өлкөбүздөгү кадыр-баркы, тилдин касиети жана кыргыз тилине которулуп жаткан дүйнөлүк адабияттын мыкты чыгармалары жөнүндө болсун.***

– Акыркы убакта эмей эле, бүт өмүрүм ушул адабият менен коштолуп келет. Кыргыз окурмандарынын ичинен өзүмдү чыныгы күйөрмандардын катарына кошсом болоор. Мен эми үч-төрт китебим чыкканына, өзүмдүн окурмандарым барына карабай, Чыңгыз Айтматовдой дүйнөлүк дөө-шаа жазуучубуз турганда, “жазуучумун” деп, айта албаймын. Мисал үчүн, Т.Касымбеков, А.Жакыпбеков, С.Жигитов, О.Султанов, М.Гапаров, К.Жусубалиевдей сөздүн чеберлери турганда кантип айтам? А “жигердүү, кылдат, адис окурманмын” деп, айта аламын. Ооба, адабияттын жан күйөр окурманымын. Анан канчалык казып окуган сайын, ошончолук берметтери калкып чыгат да. Акыркы убактарда эмес, эгемендик алгандан бери эле биздеги адабияттын абалы киши эмес, ит улуй турган абалга кептелди. Китептер иргелип чыкпай, авторлорго калем акы төлөнбөй калды. Акаев доорунан бери калемгерлерге коңшу Өзбекстан, Тажикстан, Казакстандагыдай мамлекет тарабынан көңүл буруу, шарт да жок. Натыйжасында, азил аралаштырып айтканда “макалёк-сакалёктордун” бүтүндөй армиясы пайда болду. Же орус тилин же кыргыз тилин дурус билбеген, ыймany саламат болсун Чыңгыз агабыз өзүбүзгө айткан экен, маңкурттардын өлкөсүнө айландык. Себеби, эне тилиңди билбесең, маңкурт дебегенде эмне дейбиз? Мен кембагал башкасын коюп, өзүмдүн неберелерим менен “кыргызча сүйлөбөйсүң” деп, күңкүлдөп калдым. Бизде, жазуучунун кадыры кетти. Ар ким өзүнүн оозуна келгенин жазып жүрөт. Эч көзөмөл жок. Баягы эски башкармандан тартып, райкомуңа чейин тарыхчы, романчы, эпопеячы болуп чыга келишти. Анан мындай өлкөдө эмне болот? Мындай өлкөдө сөздүн, мамлекеттик тилдин кадыры кетет. Экинчиден, Акаев орнотуп кеткен расмий тил деген “тушамыш” бар. Орустар орус тилин расмий тил деп, тааныганыбыз үчүн эле жакшы көрбөйт. Өзүң тың, билимдүү, илимдүү болсоң, башкаларга жемиңди жедирбесең, өлкөңдүн экономикасы гүлдөп турса гана сени сыйлашат. Көшөкөрлүк менен, Ельциндин “айбатынан” жалтанып, расмий тилди кабыл алгандан мына эми бечара ахыбалга келбедикпи…

Кыскартып айтканда, бизде сөздүн куту кетти. Эмне үчүн күйөмүн? Кыргыз эли мистиктер, теңирчилер айткандай айдан, күндөн, нурдан бүткөн эл эмес. Биз жөн гана байыркы элбиз, байыркы эл болгондо дагы улуу көчмөндөр цивилизациясынын башында турган эл болгон. Муну өнөрүң менен, улуу “Манасың”, боз үйүң, комуз күүлөрүң, каада-салтың, жайнаган эпосторуң, кол өнөрчүлүгүң, макал-лакаптарың менен далилдеп турасың. Мынабу коңшу Кытайдын көсөмдүгүн айт, эки жарым миң жыл мурун диндер жок кезде Конфуций, Лаоцзы сыяктуу акылмандар улуу ойлорду кагазга түшүрүп кетишкен да. Ошондо эле кыргыздардын мамлекеттүүлүгү болгонун, кеминде беш миң жылдан ашкан тарыхы барын кытайдын илимпоздору ачыкташкан. Анан сөз мухити “Манас” жараткан элдин тили бүгүн ушундай абалга келгенине өзөгүң өрттөнөбү…

***– Эгемен жылдардагы экономикалык кризистин, анархиянын түпкү себеби мына ушул өз башатыбызды барктабагандыктан, эне тилди аянычтуу абалга алып келгенибизден болуп жүрбөсүн?***

– Эне тилдин кусуру урду. Кусур, текебер деген болот. Эне тилибизге текебердик кылдык. Кесепетинде өчөйүп олтуруп калдык. Бир кезде Саян-Тоодон Орол-Тоого (Урал) ат ойноткон кыргыз эли алсыз, тээ жарым жылаңач Африканын карызгор өлкөлөрүнүн катарына кошулдук. Бул эң биринчиден, эне тилдин кусуру. Көөнө тарыхтагы, бардык ой булактарында биринчи сөз болгон деп айтылат. Сөз менен гана адам баласы ой бөлүшкөн, аң-сезими өнүккөн.

Анан эми сен котормо жагын сурап атпайсыңбы, котормо эмес, өз адабиятыбыз деле жыргап кеткен жок. Кана, бизден отуз жылда Чыңгыз Айтматов болбосо дагы Мурза Гапаровдун же Кубатбек Жусубалиевдин деңгээлинде жазуучу чыга алдыбы? Сөздүн чеберчилигин карачы, Узакбай Абдукаимов “Майдан” деген жапжалгыз романын таштап кеткен, окусаң ыйлайсың. Ошонун деңгээлиндеги роман барбы азыр? Жок. Отуз жылдан бери Айтматовду мындай кой, “Сынган кылычтай” бир роман жарата албай атабыз.



» Эне тилдин кусуру урду. Кусур, текебер деген болот. Эне тилибизге текебердик кылдык. Кесепетинде өчөйүп олтуруп калдык.»

Котормо дейсиң, артка бир аз кылчаялычы, котормо өнөрү да Совет доорунун убагында пайда болду да. Кыргыздан убагында мыкты котормочулар чыгышкан. Мисал үчүн Сүйүнтбек Бектурсуновду айталы, Толстойдун “Согуш жана тынчтыгын” мыкты которгон киши. Андан берилей келсек, Олжобай Орозбаев “Тынч Дон” деген эпопеяны эне тилдин деңгээлинде которгон. Сагын Наматбаев деген котормочу болгон. Шукшинди тим эле эне тилдин деңгээлинде которду да. Аман Токтогулов 24 жашында айтылуу Расул Гамзатовдун “Менин Дагестаным” китебин кыргызча сайратты. Илгери Узакбай Абдукаимов Пушкиндин ырларын которгон. “Алтын балык” жомогун кайра-кайра суктанып окучубуз. Сүйүнбай Эралиев которгон Твардовскийдин “Василий Тёркин”, Омор Султанов которгон Лермонтовдун “Азреил” чыгармаларын айт. Анан албетте, Алыкул Осмонов Шота Руставелинин “Жолборс терисин жамынган баатырын” эркин которгон. Автандил, Тинатин, Тариэл деген аттар жайнап кеткен. Мына, котормонун күчү…

***– Котормочу мыкты чыгармаларды жакшы которуш үчүн өзү да адабиятка аралашкан адам болушу шартпы?***

– Эң алды, тилди мыкты билиши керек. Котормонун өзү да жазуучулукка жетелеп келет. Мисал үчүн Сагын Наматбаевдин өздүк чыгармалары жок, бирок котормочу катары тилди укмуш билген. Акын-жазуучунун баары эле жакшы котормочу болгон эмес. Советтер Союзунун бир жакшы жери, ошонун баарын пландуу коюп, калем акы төлөгөн. Дагы бир ыраазы болгонум, Салижан Жигитов устатыбыз түп нускадан которгонго күч жумшады. Мисалы, Назым Хикметти түркчөдөн которгон. Мустай Каримди башкыр тилинен түз которгон. Анан эми азыр бизде адабий айдың, тил айдыңы кетти го, Сарбоннада, Кембридждe окуган жаштар көп . Англис тилин, кытай тилин эне тилиндей үйрөнгөнгө шарт түзүлдү. Баарын которсо болот, бирок ошого карабай котормодогу деңгээлибиз Советтер Союзунун шыйрагына түшүп калды да. Эмне себептен дегенде, тил кадырланбай калды. Анын үстүнө көзөмөл жок. Эч ким көзөмөлдөбөйт, эч ким эч кимге милдеттүү, жооптуу да эмес. Бизде мыйзам иштебейт. Өткөндө Камбаралы Бобуловду эскерүү күнүнө катыштым. Бишкектеги бир мектепке ысымы берилген. Кайран Камбар аке, тилге күйгөн акыркы могикан болду. “Легендарлуу парламенттин” депутаты да болду. Ошол киши чыкканда, айлакер спикер Медеткан Шеримкулов калтырап турчу. Бобулов менен кошо тилге күйгөн атка минер кошо жок болгондой болду…

***– Кайрадан котормого келсек. Акыркы убакта дүйнөгө атагы чыккан колумбиялык жазуучу Габриэль Гарсиа Маркестин эң атактуу чыгармасы “Жалгыздыктын жүз жылын” кыргызчага адабий айдыңга аты белгисиз Барнахан Сабирова деген эжекебиз которуптур. Маркести ардактаган окурман катары ошол китепти окуп чыга алдыңызбы?***

– Алгач Маркестин “Полковникке эч ким кат жазбайт” повестин кыргызчалаткан киши Сагын Наматбаев болгон. Ал жогоруда айткандай, Шукшинди кыргызчалаткан. Маркес дагы биздин Айтматовдун курдашы. Интервьюларында ал өзүнүн “Полковникке эч ким кат жазбайт” чыгармасын баарынан артык көрөөрүн айткан. Сагын акенин кылдаттыгы ушунда, ал чыгарманы адегенде Маркес тууралуу маалымат, интервьюларды окуп, даярданып, которгон. Ошондон котормосу биздин төл чыгармадай болуп калды. Менин суктанганым – Маркестин бардык жактан эркиндиги болду. Маселен, Хэмингуэйди кайра-кайра окудум, Шолоховдун “Тынч Донун” жатка билем. Былтыртан бери эчтеке жазбай үч ай убактымды

коротуп, ушул "Жалгыздыктын жүз жылын" кайрадан эзмелеп окуп чыктым. Автордун өзү дагы айткан, орусчасы Советтер Союзунун убагында идеологиялык алкакка карап которулган. Эми түшүнгөнүм – бул кишиде ченемсиз рух эркиндиги болгон экен. Салыштырмалуу Чыңгыз Айтматов агабызды аядым. Кайран кишиде кандай тормоз болгон, ошого карабай щедеврлерди жазды го. Эгерде ал кишиде Маркестей эркиндик болгондо эмне, атаңдынгөрү... "Жалгыздыктын жүз жылын" окуп, дагы да тамшандым. Канчалык эркиндик, эпопея, карама-каршылыктуу образдар... Эмне деген улуулук! Улуу "Манаста" эмне гана жок дегендей, бул романда да эмне гана жок. Чыгарманын негизги өзөгү – турмуш. Колумбия деген өзү азыр дагы кымгуут мамлекет. Азыр дагы кылмыштуулук күч алган, дүйнөдөгү тартипсиз мамлекет. Кайран, жайран Маркес мистиканы жазса да, арбактарды жазса да, мисал үчүн гипербола жазса да, өзөгүнөн чындыктын илеби уруп турат.

***– Бул магиялык реализм багытында жазылган чыгарма эмеспи...***

– Туура айтасың, "Манастын" өзү да магиялык, тарыхый чыгарма. Маркес өзү улуу манасчыдай төгүп жазган кара сөздүн төкмөсү экен. Мен өзүмдү Маркестин алдында ушундай бир бечел сездим. Мындай эркиндик мени кой, атүгүл Чыңгыз агабызга да берилбептир да. Мына эми баарыбыз эркинбиз. Кыскасы, "Жалгыздыктын жүз жылы" кыргызча которулду деп угуп, китепти таап окуп чыктым. Окуп алып, ыза болдум...

Кыскасы, "Жалгыздыктын жүз жылы" кыргызча которулду деп угуп, китепти таап окуп чыктым. Окуп алып, ыза болдум...

***– Эмне себептен ыйлагыңыз келди?***

– Буга чейинки "Полковникке эч ким кат жазбайт" чыгармасын айттык, анан Назгүл Осмонова которгон Маркестин акыркы повестин окуп чыкканымды айтайын. Мына ушул акыркы повестин түшүнбөгөндөр бир шайкелең чыгарма деп ойлошу мүмкүн. Андай эмес! Киносу да тартылган. Ал повесть улгайган адамдын башынан өткөн күндөрүн эскерүүсү. Маркес ушунда да жашырып-жаппай, ачык жазган. Кыргыздар ачык жазсаң, "ой небереӊ эмне дейт, балаң эмне дейт?" деп, чыгат эмеспи. А бирок, бул деген турмуш да. Аны өздөрү көрүп атат, жазсаң эле айтканы тиги. Мисалы, Чыңгыз агабыздын "Тоолор кулаганда" соңку романынын каарманы Арсен менен журналист Элес кыздын сүйүү мамилелерин ошол Маркестин таасирлери байкалат. Аял менен эркектин кошулуусун, лаззатты ошондо бир көркөм ачык жазган. Бул өзүнчө маселе деп коёлу. Эми Маркестин өзүнө келели. Интернетте Меңди Мамазаирова окшогон белгилүү эле калемгерлерибиз менен адабиятчыларыбыздын ошол котормону мактап атышкандарына таң калдым... Барнахан аттуу каламгер кыргыз тилин дурус билбегени аз келгенсип, эне тилибиздин баа-баркын, маңыз тамырын анчейин аңдабайт экен. Мен анын инсандыгына тийишпейм, бирок ал менин эне тилимди, мамлекеттин тилин бузганына ардандым. Эми аракет кылыптыр дейли, Маркес калем полигонбу машыккыдай? Бул калем сыноо эмес, Маркес – дүйнөлүк проза өнөрүнүн беш манжа менен санай турган генийлеринин бири. Дүйнөлүк рухий дөөлөт. Интервьюларын да көп окугам. Эсентур Кылычев деген дүйнө адабиятынын күрөө тамырын окуп алып, өзү анча көп жазбай жүргөн акем бар. Маркес жөнүндө айтса жадабай угасың. Айтылуу Алым Токтомушев да Маркести мыкты билчү. Кайран автор, "Жалгыздыктын жүз жылын", менимче "Жалгыздыкта жүз жыл" болуш керек эле, киного тартууга уруксат бербей кетпедиби. Белгилүү режиссёрлор миллиондогон долларларды сунуштаганда да баш тарткан. Мен ушуга суктанам. Ал эми Чыңгыз Айтматовдун дээрлик бардык чыгармалары экрандаштырылбадыбы. Биз "Манасты" тарттырбашыбыз керек. Маркестен үлгү алыш керек. Ал бул романы үчүн жанын сайган. Жазыш үчүн ошол кездери карызга баткан. Бизде эмне, акчаң болсо эле күргүштөтүп китеп чыгарып атышпайбы. Батышта андай эмес. Аларда адегенде сигналдык нускасын бастырып, элдин элегинен, талкуудан өткөрүп туруп, мыкты китеп болсо гана чыгарышат. Маркес ушул чыгармасы үчүн Нобель сыйлыгын алган. Бул роман ага дүйнөлүк аброй алып келип берген . Анан эми ушул үлкөн китепти эне тилге талкалап алып келишкендери кандай? Эсеби маселен, кайран Маркес ошентип Кыргыз үчүн эки өлдү...

***– Бул романды чыгарууга мамлекеттик акча коротулуптур деген сөздөр бар. Буга эмне дейсиз?***

– Ошондой деп угуп атам. Эгерде мамлекет бул китепке ошондой акча кетирсе, биз экономикалык коррупция деп, кустуруп атпайбызбы, демек бул деле так ошондой коррупциянын бир түрөйү да. Биринчиден, дүйнөлүк шедеврди биздин адабий кыртышка жараксыз кылып алып келишти. Экинчиден, элдин, мамлекеттин акчасы сарпталып атат. Кайран Маркести мунжу кылып, замбилге салып алып келип атышат. Мейли, котормочу аракет кылыптыр дейли. А бирок аракет кыла турган башка жеңил-желпи чыгармалар бар да. Которо берсин башкасын...

***– Мунун натыйжасы кандай болот?***

– Натыйжасы кандай болмок эле, жаңы окурман Маркес ушундай экен дейт... Мен кыргызча бир эле мисал айтайын, Алыкул Осмоновдун жүз жылдыгы болду. Акын өзү моңолдор уруусунан болот, мен дагы ошол урууданмын. Анан уруулаштар чогулуп алып, кыргызчылык да Алыкулдун маарекесин мамлекет өткөрүш керек болсо, уруулаштары чогулуп күйгүзүп атпайбы. Ошондо мен кеңеш айттым, "Ай байкелер, силер баланча жылкы сойгону турасыңар, аны койгула эми, Алыкулду Алыкул кылган саналуу эле ырлары бар. Акын 44-жылдан тартып жалгыз калып, эч ким оорунун айынан жанына жолобой калган кезде, көөдөндөгү бардык руху көтөрүлүп, анан шедевр ырларды жазган. Кыргыз поэзиясына төңкөрүш жасаган ырларын тандап жыйнак кылып чыгаралы да, жупкадай эле китеп болот, анан "Пушкинское чтение" дегендей, Алыкулду мыкты түшүнгөн 10 чакты кишини автобуска салып алып Кыргызстанды түрө кыдыралы" дедим. "Макул" деп коюшуп, 3 томдугун чыгарышпадыбы. Жогоруда айткандай, ошол китепти ачкан жаңы окурман, "Алыкул ушул беле..." деп чочуйт. Адабияттын боткого айланып калганы ошол.

Бирок, ага болбой эле илимдер академиясы баш болуп, Совет доорунан калган чалажан туундуларды мамлекеттин миллиондогон акчаларына кайрадан бастырып, өздөрү да түйтунат го, оозеки адабияттын шедеври "Манас", жазма адабияттын шедеври Айтматовду жараткан элдин адабий айдыңын тумандатышты.

Анан эми ушундай кездерде Маркестин бизге, кыргыз адабий кыртышына ушундай кейипте келип атканы кыргыз катары намысыма тийет. Мен бул котормону бүт чийип окуп чыктым. Келсин ошол котормочу, көрсөтүп берейин... Жөнөкөй сөздөр бузулган. Мен таң калдым, мен кыргыз тилчи, филологмун, ОшМУнун кыргыз тили жана адабияты факультетин, мыкты окутуучу агай-эжейлерден окуп бүтүргөм. Мен түштүк диалектикасын, ичкилик говорун, азилдеп айтсам, "коңкобайлардын" диалектикасын жакшы билем. Анан таптакыр эле башка тилдеги котормону окугандай болдум. Мисал келтирсем, төбө чачыңар тик турат.

Эй, сенин мамлекеттүүлүгүң ошол тилинде. Тил жоголгондой кийин эл деген аты бар да, заты жок. Керек болсо өзү кошо жоголот. Элдин рухий куралы, символикасы, касиети бул - тил! Эне тилди коргой турган мамлекеттик мыйзамдар бар, иштетиш керек!

***– Котормодон мисал келтире кетпейсизби?..***

– Мисалдар ого эле көп: "Эки-үч кылдын ичинде Макондо үч жүз жан жашай турган таза, тыкан кыштакка айланды. Бул бактылуу кыштактын тургундарынын эч кимиси отуздан ары аша элек эле, алардын эч кимиси өлүмдүн ачуу даамын тата элек болчу". "Өлүмдүн ачуу даамын тата элек болчу" деп кыргыз айтабы?! Өлүм эмне, ашпы сага? Орусчасында андай сөз жок, кыскача которулуп турат. Маанилери да бузулган, маанисине кирчү болсом, күнү-түнү айтыш керек болот. "Бирок эки жыл, эки ай дегенде да деңизди таба алышпай, көңүлдөрү чөгүп, бирок айтка кайтуудан намыстанышып, дал ушул бүгүнкү Макондого конуш курушкан эле" дейт. Конуш деп кыргыз жайдак жерди айтат. Конушка имарат курулат же боз үй тигилет. "Алар өзүлөрү менен итальянча ырдачу көкүлдөрү түркүн түстөгү тотукуштарды, музыканын коштоосунда алтын жумуртка (ар жолу жүз даанадан) тууй турган тоокту, адамдын көңүлүндөгү сөздү айтып берүүчү маймылды, топчу кадоодо да, адамдын температурасын түшүрүүдө да кереги тийчү кереметтүү машинаны, жагымсыз эс тутумду унуттуруучу аппарат, көңүлдү көтөрүүчү жана алаксытуучу башка керемет нерселерди алып келишкен эле". "Жагымсыз эс тутумду унуттуруучу аппарат" деген эмне дегенди билдирет?! "Башында ал күрсүсүн кайсы бир бурчка коюп алып, бармак соргондон башкага өтпөдү" дейт. "Манаста" айтылып турат, "күрсү менен башка бир салды" деп, ал чокморго окшогон курал болгон. Бул жерде отургуч жөнүндө сөз болууда. "Хосе Аркадио Буэндиа бул аспапты чаркка жайгашкан адам дестелер аркылуу башкарып туруучу айланма сөздүк сыпатында элестетчү" дейт, "чаркка жайгашкан" дегени эмнеси? Сен түшүнөсүңбү ушу сөздү? "Күңкүлдөп калган бул адамдын дабышы титиреп" дейт. Дабыш деп бутуңдун баскан дабышын айтат, добуш болуш керек эле... "Али дубалдагы көрксүз жана маңызсыз сөздөрдү уялганынан окубастан кызарып-бозоруп, ал түгүл жаркын кубанычтан маанайы көтөрүлбөстөн, кайгылуу көзүнө жаш толуп, мейманды тааныды" дейт. "Хосе Аркадио Буэндианын күл түстүү чачтары" деп атат. "Баш мээ шорпосун ичирди" дейт, мээ башта эле болобу же ич менен бутта да болобу? "Кыздар таенесине аза күтүлгөнүнө байланыштуу туптуура үч жыл кийип жүрүшкөн кара кийимдерин гүлдүү көйнөктөргө алмаштыргандыктан өзгөрүп кеткен болчу" дейт. "Анын денеси туптунук" дейт, кыргыз денеси туптунук деп айтпайт да. Таза дене, сулуу дене деши мүмкүн. "Сөөк салынган кап ар кадамда лап этип чыгып калып, куруучулар алардын шагыр-шугурунан кыжыры келчү". "Келгиндилерди кууп чыгууга башчылык кылат деген ниетте...". Келгинди эмес, келгин деп айтабыз. "Ал зымырат көздүү кыздын өмүр бою ушул жерде калышын каалады". "Ребека терезенин жанында узчулук менен алектене туруп, күн сайын саат төрттө өз ашыгынан кабарды чыдамсыздана күтчү". "Денелеринен соолуган гүлдүн жыты келген бактысыз аялдар күн көрүшчү", "Шекер камыштын шарабын", "Ал ошол аялды дээрлик эки ай иниси менен бөлүштү. Инисинин артынан акмалачу, пландарын бузчу, Хосе Аркадио Экинчи жалпы көңүлдөшүнүкүнө барбай турганына толук ынанган түнү, өзү аныкына жол тартчу", "Ал күмөнсүрөөлөрдөн, баш-аягы жок согуштун кооптуу сокмокторун бойлоп жүрө берип арып-чарчаган, канча аракет кылса да, бир эле жерде айлана берип, улам картайып, улам алсырачу", "Кирүүгө уруксат бер, Пилар" – дешчү бөлмөгө бастырып кирип. "Мархабат", – деп жооп узатчу Пилар" дейт. "Мархабаты" кайсы тилде?!

Эй, сенин мамлекеттүүлүгүң ошол тилинде. Тил жоголгондой кийин эл деген аты бар да, заты жок. Керек болсо өзү кошо жоголот. Элдин рухий куралы, символикасы, касиети бул – тил!

Айта берсең көп, убакыт тар. Буларды атайын конференцияда көтөрүп чыкса жарашат. Муну бир чоң талкууга салуу зарыл. Себеби, Маркес көптүн бири эмес жана да аталган чыгармасын автор киного да берген эмес! Корректору Фатима Абдалова экен. Анын бир топ оңдогону көрүнүп турат. Кеп ошол тектеш тилдүү элдерден да түшүнүксүз сөздөр кирип кеткенинде. Кайсы тил экенин комиссиядан өткөрүш керек жана муну бул бойдон калтырбоо керек.

Дүйнөлүк адабият эмес, кыргыз акын-жазуучулары бири-бирин окушпай калды. Мунун натыйжасы – мамлекеттик тилди өлтүрөт. Тил – ыймандын башаты, кишилигиңдин, элдүүлүгүңдүн эң белгиси. "Байыркы эл!" деп бакырып атпайбызбы, береги тири укмуш ааламдашуу агымынан өлбөй тирүү калалы деген ар намыстын жугу калса, мындай элдин каражатын короткон алешемдиктерди токтотуш керек, жооп сураш керек.

**Маектешкен**
***Жанара Мырзакул кызы***

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (302)
30 04 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Айтпаса ким билет, жасабаса ким көрөт...?



Бектурали ИСАМИДИН уулу

Кылымдын кыйыр жолунда кылычтын мизине, найзанын учуна, жебенин огуна, душмандын сүрүнө, наадандын запкысына, узуну канча болсо, туурасы да ошончо болушун каалаган державалардын кысымына карабай улуттун улуулугун даңазалап, ушул күнгө чейинки урпактарга урабай жетип келген тилибизге жүз ыраазы, миң таазим кылам. Жанын садага чаап, тилибиз үчүн тике туруп өлүмдү тосуп алган аталарыбыздын арбагы, руху бизден ыраазы болсун, бирок бул айтканга оңой болгону менен аткарууга келгенде опол тоодой оор, нар төгөө жүктөсөк араң көтөрө алгыс жоопкерчилик турат. Албетте, ар жылы эле тилибиз үчүн миңдеген суммалар, балким материалдык каражаттар каралып, ыр, бий, концерт коштолгон программалар байма-бай уюштурулуп, комузчулар күү чертип, кызыл-тазыл көйнөкчөн бийкечтер чимирилe бийлеп, артынан тил тууралуу көркөм окуулар окулуп, аягында желекти желбиретип, кол чабуулар астында кудум эле окшош, кулакка куюп, мээге кыттай уюп калган **“Кыргыз тили кылымдарды карыткан, Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан”**, - деген девизди айтуу менен жыйынтыктайбыз, ошол бойдон кыргыз тилин өнүктүрүп жатабыз деп ойлойбуз. А чынында ар бирибиз билип эле турабыз, бул жолдор балчыкка окшош, күн тийгенде жалтырай берет, бирок жакын барганда гана анын балчык экенине ынанып, бармак тиштеп калабыз. Кыргыз эли айткан ар бир накыл кептин төркүнү маалым жана кеменгер ойго чырмалышкан болот. “Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку”, дегендей, кыргыз тили жана адабияты мугалимдерин жакынкы күндөрү “режиссер” кылсак аткара алат, керек болсо укмуш сценарист да чыгат, бирок анын окуучусу ката жазат, өз пикирин так айта албайт, кепке кемтик, сөзгө сөлтүк, жада калса тыбыштардын катарын баамдап, өзүнчө чакан текст жаза албайт, бирок тил майрамына карата сонун концертти дал ушул кыргыз тилчи мугалим даярдашы керек! Кылымдарды ашып, кыйрабай кыргызга жеткен биздин тил, кыргыз тилчи мугалимге керекпи?! Ал кыргыз элинин майрамы, а кыргыз тилчи жогорудагы зарылдыгы бар, келечекте окуучу үчүн, инсан үчүн, адам тилин табуу үчүн, коомдук талкууда адам катары пикир жаратуу үчүн зарыл болгон актуалдуу маселелер менен алектенсин, ага мүмкүнчүлүк берели.

**Токто!**

Мен, ушул жерде атайын өзүмдү басып, оюмду калчап, пикримди пакизалап, адабияттагы стилдей, атайын чегинүү, же пессимист эмес, оптимист ойлонгон жаатка ыктап, көптүн жалпы эмес, көптүн алпы катары жаңы ой баштоону туура таптым. Анткени, мен сыяктуу толтура пикир айтып, тоодой түйшүк, ыраати аз, ызырынганы көп маалымат, ойлорду айтышат, баары эле зарыл, керек, болсо, шарт, ушундай, милдеттүү деген катаал кырдаалдын талаптарына басым жасаган пикирди карманат. Анткени сын айткандай оңой иш жок болгон чыгар, демек катардагы кыргыз уулу, мамлекеттин атуулу жана кыргыз тили багытында эмгектенген кызматкер катары аткарууга мүмкүн болгон конкреттүү, реалдуу сунуштарды айтууну туура таптым. Бирок бул жогорудагы оюма каршы чыккандык эмес, бул жазуудагы чыгармачылык стил жана ойду жеткирүү түйүнүн ачуунун бир жолу, үстүндөгү ойлор да маанилүү чындыктар жана учурдагы орчунду маселелер. Биздин айта турган сунуштарыбыз жана конкреттүү пикирелерибиз ишке ашырууга мүмкүн экендиги менен айырмаланат. Анткени жөн гана кыялга кызыгып, эйфорияга малынган кереметтей көрүнгөн ойлор эмес, анда биздин айта турган сөзүбүз ушул:




● Ар улуттун ар түрдүү дини бар, бирок бирден гана тили бар. Андыктан эң эле бери дегенде адам өзүнүн улуу элинин алдында карыз катары, ата-бабалардын мурасын сактаган жаран катары өз тилине болгон чырайлуу сүйүүнү кабылдашы керек. Ал үчүн ага дем, дух бере турган жагдайлар керек. Демек, элибизге сүйүү чакыра турган эфирлерди, тил үчүн жан берген атуулдарды, кыргыз элинин элиталары болгон интеллигенттерди чагылдырган кыска роликтерди смартфондук жана сыналгы багытында байма-байма көрсөтүү зарыл. Демейде, ар мүнөттө чыга берген беймаза жарнамалардын ордуна ушул багыттарды камтыганга неге болбосун.

● Кыргыз тилинин жоголуп кетүүсүнөн да, анын каймактай тоюмдуу, сүттөй таза болгон аруулугун сактап калуу маселеси жогору турат. Учурдун көзгө илбеген, бирок куюндай тез тарап бара жаткан сыркоосундай таасир калтырган сабатсыздыктын, эгерим ката кетирбей турган эле сөздөрдүн быт-чыты чыгып калып жаткандыгы жети өмүрдү жерге киргизмей болду. Социалдык тармактарда, интернет желесинде, сырткы көрнөк-жарнактарда кашкайып көрүнүп турган каталар тилге болгон мамилени айгинелеп турат. Ошондуктан, азыркы агымдын мүмкүнчүлүгүн пайдалануу кажети келип чыкты. Смартфондор үчүн, компьютер, соц.тармактар, электрондук почталар жана жалпы эле бардык жерде ката жазылган жазуулар (М: турукту - туруктуу) өз дарегине жетпей, качан гана туура жазылганда гана иштей баштай турган программаны түзүп чыгуу зарыл. Ал үчүн IT тармагынын өкүлдөрү жана атайын программисттердин кызматы керектелет, албетте бул чоң каражатты талап кылат, бирок өз чыгымын эселеп актайт, анткени ката жазган адамдын жазууларынын, кайрадан оңдолуп жаткан мезгилинде канча бир минималдуу пайыз ушул программанын финансылык картасына түшөт, а бул өз чыгымына карата болгон төлөмдү актоо менен элибиздин сабаттуу жазууга үйрөнүүсүндө опол тоодой ишти аткарат.

● Бизди бир күнү артыбыздагы муун эскерет. Кудум эле биз аталарга ыраазы болуп эстеп жаткан сыңары. Бирок, келечек муун үчүн биз тил жаатында эмне жасап жатабыз ошол да абдан маанилүү. Балдардын бал тилине ылайык анимациялык мультфилмдерди, баатырларыбыздын элестерин чагылдырган фондорду, кыймылдуу тасмаларды кыргыз тилинде жаратып, ага кошо дүйнөлүк деңгээлдеги эң белгилүү балдарга кызыктуу болгон тасмаларды котормо студиялар аркылуу иштеп чыгуу да аларга абдан зор пайдасын берет.

● Манас деген коньяк, кыргыз арагы, семетей виносу дегендердин болушу кыргыз элинин жаралышына болгон моралдык жактан сый-урматтын жоктугун кабарлайт. Анткени, аталган ысымдарды мындай ичимдиктерге аташтын өзү чоң трагедия жана уят маселе. Ушул маселени тыкыр көзөмөлгө алып, дыкат чечим чыгарууну өтүнөт элек. Анткени, бир ууч элди дүйнөдө жок эпосу, ааламдан чыкпаган алптары, башкада аз балбандары, кылкылдаган кытайдан чыкпаган кыраандары жана тирүүлүктүн таалайы болгон тили сактап келүүдө, ага карата мындай мамиле жараксыз.

● Кыргыз тили ушунчалык бай тил, бул талашсыз чындык. Бирок, сүйлөө маданиятыбызда анын байлыгын пайдалана албай жаткан күнөө бизде. Башка улуттун өкүлү арадан зорго эптеп эки ооз кыргызча сүйлөп жатканы, тилибиз өнүгүп, башка улуттар да сүйлөп калды деп мактанууга далил болуп бере албайт. Тилибиздин байлыгын көрсөткөн керемет сөздөрдүн топтомун китепче катары чыгарып, маанилүү иш-чараларда колдонуу менен анын бүт өлкөгө, окуучуларга, студенттерге жана коомдун жалпы өкүлдөрүнө таралышын камсыз кылуу иштерин жүргүзү максатка ылайык негиздүү.

● Китеп окуу конкурстары, дал азыркы уюштурулган сынактай тилге, адабиятка, улуттук баалуулуктарга ыктаган сапаттуу иш-чаралардын жогорку масштабда өткөрүлүп турушу да тилдин улам жаңыланып бийиктикке сапар алышында орду бар. Аны менен катар басмаканалар менен иштешүүдө, окуу китептерин чыгарууда балдарга жакын, аларга кызыктуу болгон маалыматтардын топтолушун сөзсүз көзөмөлгө алуу зарыл. Анткени, балдар тилибизди оор, татаал тили катары бала кезинен түшүнүп албашы керек, бул кооптуу жагдайды жаратат.

● Саясий эрк! Бул эки же үч адамдын аракети менен максатка жетпейт. Мамлекеттик негизде каралып, атайын чечим чыгарыла турган чечим кабыл алуу шарт. Кыргыз тилин конкреттүү түрдө орус тилинен, же башка тилден кыйла бир жогору турушун камсыздап беришибиз керек! Расмий тилге ыктап убара тартпай койгонубуз оң, ырас эне тилинде көңүл жылытарлык кеп козгоп, баяндама жасап, маалымат бере албаса, демек анын кызматтык абалын эске алуу зарыл, кыргызга күйбөгөн атуул, кызматын деле жарытып жарык бербши турган иш. Бирок, бул куугунтук эмес, аларга шарт, мүмкүнчүлүк түзүп берүү керек, ошого карабай тилин булдуратып, кооз тилге көлөкө түшүрө беришине каршы чаранын болушун камсыздаган оң.

Албетте, бул айрым деталдуу сунуштар, бирок тек гана уюштурулуп жаткан сынактын шарапатына арналып жазылган боюнча калып кетпешин камсыздоо зарыл. Аткаруучу арбын иштерибиз толтура, бирок ага карабай тынымсыз аракет жасай берүүбүз керек. Эн башкысы – эне тилди чын жүрөктөн сүйүү, баарынан жогору турат, ошол сүйүүнү жандырып бере алсак биздин умачтай көздү ачкан утушубуз ушул болот.

Эне тилдин эртеңи үчүн жан берип, ак жерилген атылган аталарга түбөлүк таазим кылабыз. Биздин адам болуп жашашыбыз, атуул катары өмүр сүрүшүбүз үчүн кепилдик болуп берген КЫРГЫЗ ТИЛИ ар качан аруу, таза, нурданып, ар бир жүрөккө сүйүү тартуулап жашасын, МЕН кыргыз тилинин кереметине суктанам жана кадырлоого чакырам.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (302)
30 04 2024
kyrgyztili@mail.ru

# СӨЗ ЖӨНҮНДӨ ЭТЮДДАР

## («Сөз дүйнөнү сактап турат»)

*(Уландысы. Башы өткөнсанда)*



**Сулайман РЫСБАЕВ, профессор, КРнын Эл жазуучусу**

Демек, адамдын мүнөзү, кыялы, түрдүү адамдык сапаты - сөзүнөн, тилинен байкалат, сөзүн тыңшап туруп, анын кандай адам экенин айттырбай эле туябыз го. Кара өзгөйлүгү менен ак көңүлдүгү да, ичи тардыгы менен кең пейилдиги да, жалганчылыгы менен чынчылдыгы да, төрөпейилдиги менен кичи пейилдиги да, таш боордугу менен мээримдүүлүгү да, кекчилдиги менен кечиримдүүлүгү да, илендилиги менен тыкандыгы да сүйлөгөн адамдын эки ооз сөзүнөн билинип калат. Анткени, сөзү - адамдын өзү. Ошол үчүн, «эл билген акимден сөз билген чечен улук» деп айткан элибиз.

Кара өзгөй, орой адамдардын айткан сөзү уккандын жүрөгүн канатып, кейитип турса, сөзүн ого бетер күчөтүп, өчөшүп, ошонусуна куштар болуп, эрдигин ошонусу менен баалап, далилдеп мактанышат. Ичи тар адам сүйлөсө, өзүнөн өзү чүрүшүп, бырышып, кичирейе берет... кичирейе берет... ичи ого бетер тарыйт... тарыган ичине таруу да батбайт.

Кекчил адамдын сөзү байкатпай туруп артындан атылган окко тете. Таш боор адамдын сөзү таштай катуу да, муздак да, алардын сөзү тердеп кургап адамды чыйрыктырат. А төрөпейил адамдын сөзү - төбөңдөн чыгып жаткансыйт. Угуп жаткан кулагыңды кычыштырып, жөн жаткан кулкуларыңды кулатып түшөт. Себеби, төрөпейил адам өзүңдөн төмөн турса да, жогору турган өңдөнүп сезет өзүн. Анысы өзүн канчалык кайра төбөсүнөн ылдый басып жатканын байкабай, бечара экендигин билгизет.

Кээ бирөө сүйлөсө - адамды өзүнө тартып сүйлөйт, кээ бирөө түртүп сүйлөйт.

Темир устадан сөз устасы күчтүү! Анткени темир уста сынган темирин эритип кайра ширетип алуусу мүмкүн, а сөзүң сынса, аны оңой албайсың, оңой менен ширете албайсың.

«Дос куйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат» деген кеп бар. Кеп анын - ким дос, ким душман экендигинде жаткан жокпу? Андан көрөкчө, «акмак досуң болгончо, акылдуу душманың болсун» деген сөз улук өңдөнөт. «Жылуу айткандын баары эле дос эмес, катуу айткандын баары эле кас эмес» экени да ырас. Ошол үчүн айтат элибиз: «Жакшы душманда кек жок, жаман душманда тек жок». «Жакшы душман - адам, а жаман душман - наадан». «Адамды адам өлтүрбөйт, адамды акмак өлтүрөт» - деп... Ошол үчүн, достун да досу, душмандын да душманы бар экенин билүүгүз кажет.

Баары бир, «Сөз чындыгынан гана бузулбайт». Чын сөздү, эгер айтып жаткан адамың уккусу келсе-келбесе, жактырса-жактырбаса да, көңүлү ооруса-оорубаса да, орундуу-орунсуз болсо да, чындык сөз жеңип чыгары бышык. Сөздүн чындыгы - бардык сөздүн улугу. Ага - көркөмдөөнүн да, кооздоонун да, акылдуусунун да кереги жок.

Чындыкты жактырбагандар менен тынчтыкты гана самагандарга чындык сөз ачуу угулат. Ачуу чындыктын бар экенин эч кимибиз тана албайбыз. Чын сөздүн өзү күчтүү. Ошол үчүн чындыктын бар экенин туйган адам - жалганга өзүн-өзү алдап ишендирүү, убактылуу муютуп көндүрүү менен аны өзүнөн алыстата албайт, же жалган экенине бирөөнү ишендире албайт. Жымсалдап айтуу менен да, аны жумшарта албайбыз. Жумшак сөз менен да жумшарта албайбыз, кеп анын маңызында.

Ооба... Тил деген «сөөгү жок нерсе» деп, анын ченемсиз кызматын баамдаган элибиз туура айтышкан. Ошенсе да, анын эки кызматын бөлүп билсек болот, ал: тилдин жогоруда айтып өткөндөй, ыймани жана чеберчилиги. Бул экөө эки башка нерсе: жасалма чебер, ширин сүйлөп, адам ыймансыздыкка баруусу мүмкүн, тактап айтканда, чебер, ширин сүйлөгөн адамдын баары эле ыймандуу эмес, тескерисинче, ыймандуу, жакшы адамдардын баары эле чебер сүйлөп, чечен боло бербейт. А бул эки айры сапаттар бир адамда болгон учур да аз эмес. Ал эки сапат бир адамга бириксе - ал адамдын ажарын гана ачат, көркүн гана чыгарат!

Ошентип, адамдын сөзү - анын жүзү, ыйманы жана маданияты экендигине ишенбей коё албайсың.

Адам ыйманы анын маданияты менен жүрүм-турумунан эле билинет. Ошенсе да жүрүм-турум сыртки маданияты, а сөзү, руху болсо өзгөчө баалаган ички маданияты. Биз ушул экөөнү өзүбүзгө бириктире алсак кана! Ооба, ошентсек кана? «Сырты калтырак, ичи калтырак» болбосок кана? Айла жок, адам кандай болуп жаралса, андан кайтмак жок, өмүрүн ошол кыялы ала кетет...

Адам өз өмүрүнүн улуу китебин өзү өмүр бою жазат, а аны балдары, өзүнөн кийинкилер окушат! Ага балдары, өзүнөн кийинкилер баа беришет! Өзүнө өзү баа бермей жок!

### 3-этюд: СӨЗ - ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН ФЕНОМЕНИ

Элибиз сөзгө өзгөчө маани берип ага зирек мамиле жасашкан. Сөздүн маанисин, ролун көтөрүп, урпактарды элдик сөздүн күчү менен тарбиялоону көздөшкөн. Сөз элдин абийири, ар намысы, ал тургай, өмүрү менен тең бааланган. Сөзгө жыгылып, сөзү менен көгөргөн, сөзү менен элге кошулуп, сөзү менен элден чыккан. Сөзү менен элге таанылган, ал бийлеген акимден, сөз билген чечени бийик санашкан.

Ошон үчүн элибизде, учурашкандан кийин алгачкы сөзүн: «-И-и, элде эмне кеп бар? Кеп сал. Кеп сала отур, кеп ур» - деп баштап, анын сөзүн уккусу келген, сөз күткөн. Ал кандай сөз айтса, же айтып келсе, ошого карап баа берген.

Узак жолдо баратса: «Ат жалына казан ас», «Узун жолду кыскарт» -деп ширин сөздү, узун кепти башташкан, санжыра айткан, болмуштарды сүйлөшкөн.

Чечендерге «кеби ширин», «тили бал», «бал тилдүү», «тилинде мөөрү бар» деп баа берип, сөзүнө тан берген. Тескерисинче, сөз билбеген дөдөйгө: «сөз билбеген дудук», «сөз баалабаган, сөз бакпаган эссиз» катары баа берип, сөз баасын билүүгө чакырган. «Үйдө баатыр, жоодо жок, үйдө чечен, тышта дөдөй» дешип, сындаган.

Адамга баа берүүдө да «ал жөнүндө эл эмне деп жүрөт» деп, эл ичине байкоо салган. Ошол үчүн калк айтса, калп айтпайт деп, элдин сөзүнө ишенишкен. «Жакшыны сөз ээрчийт, жаманды чөп ээрчийт» деп жакшы адамдын турпатын, кылган кызматын аңыз кылып айтышкан.

Уул-кызына берген тарбиясына жараша ата-энени да сөз ээрчиген. Ошол үчүн ата-энелер уул-кызына «сөзгө сөлтүк кылбай, кепке кемтик кылбай» тарбиялуу болуусун өтүнгөн. Же болбосо, бир жагымсыз окуядан кийин: «Баягыдан кийин сөзгө сөлтүк болдук, кепке кемтик болдук» дешип бармагын тиштеп өкүнгөн.

Сөзү элге же үйүнө өтпөгөн адамды «анын сөзү суу кечпейт», «сөздөн калды» дешип басынтышкан. Ошол үчүн, «аштан калсам да, сөздөн калбайын» деп, өз абийирин бек турууга аракеттенген элибиз.

Сөзгө жыгылып, же элге уяты чыгып, же сөздөн кармалса, аны «оозунан сөзү түштү», «бутунан мүдүрүлгөн турат, оозунан мүдүрүлгөн турбайт» деп келекелешкен.

Бирөөгө кыйчалыш учурда шашылыш кайрылууга туура келсе «кечирип кой, ширин сөзүң оозунда» деп илбериңкилик менен, анын сөзүн урматтап, убактылуу токтото туруусун да өтүнгөн.

Таза, так, көркөм сүйлөгөн, оюн орундуу айткан адамдын кебин көңүл коюп угуп, кулагын салып, «кулак сенде» деп кулак кужурун кандырган. «Жомок курсакты тойгузбаса да, кулакты тойгузат» деген ошо да. Андай сөз билген адамдар, сөз баккан чечендер тоолук элибиздин эрмеги болгон. Кыскасы, алардын театры да, киносу да, урпакка таалим-тарбия берер академиясы да сөз болгон. Эки ооз сөз билбеген, эки жол ыр билбеген кыргызды толук элибиз «кыргыз эмес» деп билген. Мунун өзүн - сөздү баалагандыгы, сөздү айтуу маданиятын, аны угуу адебин элибиз баалагандыгы деп түшүнүүгө тийишпиз. Ал дагы улуттук педагогикабыздын негизин ээлеген - сөзгө баа берүүбүздү түшүнтөт.

Демек, бүгүнкү күндө улуттук тил илимибиздин бир салаасы катары калыптанып келаткан «Кеп маданияты» предмети азыр эле жарала калган түшүнүк эмес экен көрсө! Ал элибиздин рухий турмушунан эчен кылымдар бою эле бекем орун алган, «элдик билим» деп атлаган тарыхый айрыкча бир көрүнүш десек жаңылышпайбыз.

Анын үстүнө, сөз билген чечендердин ар бир сөзү элдик накыл кептерге бай, таалимтарбиялык күчү мол болгондуктан, алардын ар бир айткан сөзү макал-лакапка айланып, элдик афоризм болуп, эл оозунан түшпөй калган. Алар элдин энчи болуп, кан-жанына сиңген. Ошондуктан да, Ж. Баласагын бабабыз таасын айткандай, «элдин накылы – элдин акылы» болгон ал афоризм сөздөр, накыл кептер урпакка таалим-тарбия берүүдөгү көрөгөч акылман ой, негизги курал болуп калган.

Ушундан улам накыл кептин башаты болгон элдик чечендик сөздөрүбүз - элибиздин кеп маданиятынын өзгөчө баскычы болуп санала тургандыгын белгилебей коё албайбыз. Анткени элибиздин накыл сөздөрү - бир саптан кашыктап чогулган макал-лакаптарынан тартып, поэзия океаны болгон «Манаска» чейин, көркөм сөздүн күчү менен эрки ырга айланып, ал элдик көөнөрбөс казынанын кенчине айланган. Ал эми, элдик поэзия океаны «Манастын» да күчү - сөздүн күчү экендиги талашсыз.

«Манас» демекчи, ал - көлкүп жаткан сөз бермети го, чиркин! Ошончо көлөмдөгү улуу, дүйнөдө теңдешсиз сөз берметин ушу биздин ак калпак кыргызыбызга эгедер кылып койгонун карачы, жаратканды! Андыктан, кыргыз тилибиз - дүйнөлүк деңгээлдеги коммуникациянын куралы боло албаса да андай улуу тилдер менен өзүнүн рухунун байлыгы жана күчү менен теңдеше аларында шек жок!

Бабаларыбыз Асанкайгы менен Жайсаң ырчы, Кетбука менен Жээрен чечен, Баласагын менен Махмуд Кашкарынын, Калыгул менен Арстанбектин, Нурмолдо менен Тоголок Молдонун, Молдо Нияз менен Молдо Кылычтын, Токтогул менен Барпынын керемет сөздөрүн эстейличи. Алардын айткан ар бир сөздөрү, андагы уюткулуу ойлору толук элдин адеп-ыйманынын чен-өлчөмү болуп, «оозеки мектеби» да, «оозеки китеби» да болуп, кылым карыткан кыргызымдын оозунан түшпөй калганы өзүнчө бир керемет го.

Элибиздин эсинде керемет кеби менен калган Кыдыр аке, Садыр аке, Мойт аке, Сарт аке, Тилекмат аке, кечээки эле Мамбетаалы чечен менен Көкөтөй чечендер не деген адамдар эле.

Алар элдик дидактиканын идеяларын алып жүрүүчүлөр дагы жана аны андан ары байытуучулар дагы болушкан. Ошондой улуу сөз чеберлери элибизде көп болгондон улам да элдик накыл кептин казынасы бөксөргөн эмес, тескерисинче күн санап байып, мазмуну тереңдеп отурган. Тоолук элибиздин акыл-эси улуу жазуусу өнүккөн элдердин хроникалык жазууларынан кем калбаганы ошондон экен да, бүгүнкү күндө да, кийин да элибиздин ооздорунан түшпөй, уулуулардан калган улгү, элдик керемет кеп кыргыз баласы жер үстүндө жашап турса өчпөй, жаңырып айтылар; кыргыз адеби менен ахлагынын чен-өлчөмү болуп, анын жыйынтыгы - «улуу сөз илими» деп аталган улуттук фольклорубуздун көөнөрбөс мазмунун толуктап турар. Ал илим - элибиздин «фольклордук педагогикасы» илими деп аталууга толук акылуу.

### 4-этюд: СӨЗ КУДУРЕТИ - ЭНЕ ТИЛДЕ

Эне тилинде сүйлөбөгөн адам Ата Журтунда жүрбөгөндөн эмне айырмасы бар?

Эне тилинде ыр укпаган, эне тилинде төрт сап ыр билбеген адам чет элде жүргөндөн эмне айырмасы бар?

«Энесинин бешик ырын укпай чоңойгон бөбөк - энесиз жетим өскөндөн эмне айырмасы бар?» (Р.Гамзатов).

Ата салтын билбеген, аны турмушунда колдонуп жашабаган адам Ата Журтун чангандан айырмасы кайсы?

Эне тилин билбесе, аны ардактап сүйбөсө, Ата Журтумду сүйөм деп көкүрөк каккандын эмне пайдасы бар?

Ата Журтун сүйбөсө, анын сулуулугуна суктанып айланып бир чыкпаса, үйдөн карыш чыкпаган карыптан эмне айырмасы бар?

Ата Журтуна кызмат кылбаса, анын керемет көрктүү тоолорун, анда өскөн жыпар гүлдөрүн, туптунук суулары менен көлдөрүн, арчалары менен кайың, карагайларын, аккуусу менен уларын, элиги менен бугусун сүйбөсө, өз элинин бир сулуусун «сүйөм» деп айтышы кандай гана уят!

Өз Ата Журтун мекен кылбаган азамат жигит-карыптын карыбы, маңкурттун манкурту эмей эмне?!

Бешик ыры да, Ата Журту да, эне тили да, ата салты да энелерден башталат. Элинжерин унутуу - энеси ырдаган бешик ырын унутканга тете. Анткени эне бешик ырын ырдаганда уул-кызынын келечеги, бактысы менен таалайы тууралуу не бир миң түрлүү сонундарды ойлоп тилек кылган эмеспи!

*(Уландысы бар)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (302)
30 04 2024
kyrgyztili@mail.ru

Ирвин Шоу

# Кыска көйнөкчөн кыздар



**Которгон Эрмек ШОРУКОВ**

Экөө Бревурттон чыгып, Вашиңтон гүлбагын көздөй басышканда Бешинчи даңгыл күнгө жүзүн чайып турду. Кеч күзгө таяп калганына карабастан күн жылуу, баары жай таңындай – салабаттуу кийинип эки-экиден каалгый баскан адамдар, терезелери жабык, тынч момураган имараттар.

Майкл Френсистин колун колтугуна бекем кысып алган, экөө күн чубактап шаар аралап жүрүшөт. Уйкулары канып, таң эрте карындарын кампайткангабы, кадамдарын шайдоот таштап, жүздөрүндө жылмаюу ойнойт. Майкл пальтосунун боорун чечип, жүзүн сыдырым желге тосту. Нью-Йорктун ушул чөлкөмүндө арбын сезилген солкулдаган жаштардын арасында экөө үн чыгарбай бут шилтешет.

– Этиеттесеңчи, – деди Френсис Сегизинчи көчөдөн өтөр менен ортодогу жымжырттыкты бузуп. – Мойнуңду кайрып алба.

Майкл күлүп жиберди, Френсис кошо күлдү.

– “Ай десе аркы жок” дегидей ашкан сулуу эмес экен го, – деп кошумчалады Френсис. – Неси болсо дагы, бир түйдөк чачты карайм деп моюнуңду омкоруп алба деги.

Майкл дагы күлдү. Бул жолу күлкүсү катуураак чыкты.

– Мокочо деле эмес. Жүзү сүйкүм, жылдыздуу экен. Элеттик кыздардай ериндери бөрсөйгөн, алмадай бети кызарган. Аны карап жатканымды кантип билдиң?

Френсис башын бир жагына кыйшайта шляпасынын астынан күйөөсүнө жылмайып койду.

– Майк, ардагым...

Майкл кайра күлүп койду.

– Болуптур, – деди моюндап. – Айныгыс далилге арга жок. Кечирип кой. Жылдыздуулугун айттым. Мындай ыраң Нью-Йоркто көп кездеше бербейт. Кечиргейсиң.

Френсис анын колун акырын чаап койду дагы, Вашиңтон гүлбагын көздөй ээрчитип жөнөдү.

– Кандай сонун таң, – деди ал. – Аткан таңды көргөндүн өзү ырахат. Сени менен тамактансам, бир күндүк кубат алам.

– Күлазык дебейсиңби. Эртең мененки көнүгүү, анан Майкл менен таттуу токочтон керте тиштеп, кофе ичсең сергек сезим сересине чыгарың турган иш, – деди Майкл.

– Ананчы. Түндө адатымча сага аркандай оролуп уктаптырмын.

– Ишемби күнү кечинде, – деп тактап койду. – Жуманын аягында жамбаштап жатканга эмне үчүн болбосун?

– Эттенип баратасың, – деди ал.

– Койчу ай? Охайодон кагелес болуп келдим эле.

– Жан биргемдин ашыкча эки жарым кили жагат, – деди келин күйөөсүнө.

– Мага дагы, – деди Майкл олуттуу.

– Менде бир ой бар, – деди Френсис.

– Колуктумдун оюу бар. Жакшынакайым менин.

– Кел, бүгүн эч кимге жолукпайбыз, – деди Френсис. – Бүгүнкү күндү экөөбүз гана өткөрөбүз – сен жана мен. Буга чейин досторубуз менен

жүрө берчү элек, алардын вискисин же биздикин ичип коюп, жатарга келгенде гана бири бирибизди көрөбүз...

– Жолукчу жер ушул, – деди Майкл. – Төшөктө жата берсең, жакшы билгендердин бардыгы сени тегеректейт.

– Зирегим менин, – деди Френсис. – Чын айтам.

– Макул, а мен чындап угуп жатам.

– Таңдан кечке күйөөм жанымда болсо, мени менен гана сүйлөшүп, мени гана укса дейм.

– Бизге эмне тоскоол боло алат? – деп Майкл сурады. – Эс алуу күнүмдү келинчегим менен гана өткөргөнгө тоскоолдук кылууга ким батынат? Ким экен ал?

– Стивенсондор. Бизди саат бирлерге чакырган, шаар четине чыгып келет экенбиз.

– Оңбогон Стивенсондор. Кызык. Өздөрү бара беришсин. Келинчегим экөөбүз шаарда калып, чогуу эс алгыбыз келет.

– Жолугушууга чакырганыңбы ошондо?

– Чакырганым.

Френсис аста ийилип кулагынын учунан өөп койду.

– Аздегим, – деди Майкл. – Бул Бешинчи даңгыл эмеспи.

– Кел, мындай кылабыз, – деди Френсис күйөөсүнүн сөзүн кулагынын үстүнөн кетирип. – Нью-Йорктогу жаш жубайлар ушул күнү кантип акчасын сарптайт, ушунун тегерегинде сөз кылбайлыбы?

– Бирок чеги менен.

– Адегенде футбол көрөлү. Мыктылардын оюнуна маашыр боллу, – деди Майклдын бул оюнду жакшы көрөрүн билген Френсис. – Бүгүн “Гиганттар” ойнойт. Күнү кечке таза абада сейилдеп, ачкан курсакты “Каваннага” кирип, устанын алжапкычындай болгон стейк менен тойгузуп, бир бөтөлкө шарап менен бастырык кылып, андан чыгып элдин баары кеп кылып аткан “Филмарттагы” француз тасмасына... Мени угуп жатасыңбы?

– Албетте, – деди ал ишенимдүү бийчи басык менен өтүп бараткан жылаңбаш кыска кара чач кыздан көзүн алып. Пальтосуз бараткан кыздын тулкусу сууган күлүктүкүндөй кындыят, өзүн Майклдын карап жатканын сезген бийчинин жамбашы көйнөктүн ичинен ансайын чайпалат. Кыздын өзүнчө жылмайып өтүп кеткенинен бери Майкл колуктусун караганга чейин байкап турду.

– Сөзсүз да. “Гиганттардын” оюнун көрөбүз, стейк жейбиз, француз тасмасын көрөбүз. Кандай дейсиң, сага жагабы?

– Болот эми, – деген сөз Френсис оозунан бош чыкты. – Бир күндүн мерчеми. Же, балким, көчөкөй жаның Бешинчи даңгылда өйдө-төмөн жорто турарсың?

– Жок, – деп буйдалбастан жооп берди Майкл. – Жок, кереги жок.

– Сен башка аялдарды карай бересиң, – деди Френсис. – Нью-Йорктогу ар бир каргыш урган аялды.

– Койсоңчу, – деди Майкл сөздү тамашага айландыргысы келип. – Сымбаттууларын гана. Айтмакчы, Нью-Йоркто канча сулуу бар? Он жетиби?

– Көп андан. Өзүң ушинтип ойлойт окшойсуң. Кайда барбагын, баягы...

– Калпыңды койсоңчу. Эми кээде өтүп бараткан аялды карап коюшум ыктымал. Көчөдөн өтүп бараткан аялга бир аз көз кырымды салып коём...

– Бардык жерде, – Френсис кайталады. – Кайсы куттуу жерге барбагын, мейли, ресторан, жер астындагы өтмөк, театр, лекция, концерт болсун, караганың – караган.

– Алтыным, уксаң, – келинчегин ийге келтиргиси келди Майкл. – Кудайым мага көрсүн деп көз берди, өтмөктөрдөн айымдарды, мырзаларды карайм, талаадагы гүлгө суктанам, кинотасма көрөм. Ай-ааламды изилдегеним эмеспи бул.

– Ай-ааламды аяр изилдеп жаткандагы көзүңдөгү учкундарды өзүң карап көрүшүң керек экен.

– Мен үй-бүлөм менен бактылуумун. – Майкл Френсистин чыканагын өзүнө аяр кысып койду. – Майк Лумистин үй-бүлөсү жыйырманчы кылымга үлгү.

– Деп койдуң?

– Френсис, ардагым...

– Сен чындап үй-бүлөлүк жашоодо бактылуусуңбу?

– Ананчы, – деди Майкл, жекшембинин таңы кандай бүтөрүн сезгендей. – Минтип сүйлөштүн кандай мааниси бар?

– Билгим келди, – Френсис алдын түз караган калыбында кадамын тездетти, жүзү кыймылсыз ташка айлангандай, талашып-тартышканда же өзүн жаман сезген учурда ушундай бет кап тагынып калчу.

– Мендей бактылуу үй-бүлөлүү адам жок, – деди Майкл токтоолук менен. – Нью-Йорктогу он беш жаштан алтымыш жашка чейинки бардык эркектердин суктанары менмин.

– Тамашаңды токтот, – деди Френсис.

– Сопсонун үйүм бар, – деди дегенин бербеген Майкл. – Жакшы китептерим, сүрөттөрүм, кыйбас досторум бар. Сүйүктүү шаарымда жашайм, өзүмө жаккан жумушум бар, жакшы көргөн келинчегим менен жашайм. Жакшы бир нерсе болсо, сага эле чуркап барам го? Жаман окуя болсо, ийниңе башымды жөлөп ыйлап атамбы?

– Ооба сага, – деди Френсис. – Өтүп бара жаткан ар бир аялга сугуң артып көзүң өтүп кетейин дейт го тим эле.

– Мунуң аша чапкандык.

– Ар бир аялды. – Френсис колун Майклдын колунан тартып алды. – Эгер ал сулуу эмес болсо, карап да койбойсуң. Эгер бир аз жылтыры болсо, жети кадам бою узатып карап турасың го, чиркин...

– Оо, Кудайым оой, Френсис!

– Эгер сулуу болсо, мойнуң сынгыча тиктейсиң...

– Жүрү, бирдеме ичеличи, – деди Майкл токтоп.

– Жаңы эле тамактанбадык беле?

– Уксаң, сүйүктүүм, – деди Майк, сөздөрүн кылдаттык менен тандап, – экөөбүздүн тең маанайыбыз ойдогудай, жаркыраган күндүн бүркөлүшүнө эч себеп жок. Эс алуу күнүн эс алгандай өткөрөлү.

– Бешинчи даңгылдагы ар бир түйдөк чачтын аркасынан чуркачудай көз караш көзүңдөн көрүнбөсө, жекшембини ойдогудай өткөрмөкмүн.

– Жүрү, ичели, – деди Майкл кайра.

– Ичким келбей турат.

– Эмне кылгың келип турат, урушкуң келип жатабы?

– Жок, – деген Френсистин үнү убайымдуу чыккандыктан, Майкл боору ооруп кетти. – Урушкум келбейт. Эмнеге муну баштаганымды билбейм. Ушул жерден токтотолу. Андан көрө, убакытты жакшы өткөрөлү.

Экөө кол кармашкан бойдон Вашиңтон гүлбагындагы бешик арабаларды аралап, жеңил күрмөчөн италиялык карылардын, жаш кыз-келиндердин жанынан үн чыгарбастан өтүп кетишти.

– Бүгүн жакшы оюн болсо керек, – деди Френсис ортодогу тынымды бузуп, үнүн сейилге чыгар алдында эртең мененки тамакта сүйлөгөнүнө куп окшоштурду. – Мага чыныгы футбол жагат. Бири бирин сүзгөндө таштан жаралганбы деп кетесиң, – деди Майклды күлдүрүүгө аракет кылып, – урунуп барып чым жазданганда балкый түшөсүң го, чиркин.

– Сага айтчу сөзүм бар, – деди Майкл өтө олуттуу. – Беш жыл ичинде бир дагы аялга тийген жокмун. Бирөөнө дагы.

– Болуптур, – деди Френсис.

– Сен мага ишенесиң да?

– Албетте.

Экөө эл толгон отургучтарды, бак-шактуу гүлбакты аралап жүрүштү.

– Байкабайын эле дейм, – деп Френсис өзү менен өзү сүйлөшүп жаткандай күбүрөндү. – Курулай доомат деп өзүмдү ишендиргенге аракет кылам. Айрым эркектер ушундай: жетпегенине жеткиси, көрбөй калганын көргүсү келет.

– Кээ бир аялдарга да ушунткен жагат, – деп жооп берди Майкл. – Бир кездери эки айымды көргөн жайым бар.

– Сени менен экинчи жолукканда кийин башка эркекти караган эмесмин, – деп башын бурбай түптүз баскан калыбында сөзүн оозунан жулуп алды Френсис.

– Андай мыйзам жок, – деди Майкл.

– Элис Максуеллдин үйүндө алгач жолугуп, мени карагандагы көз караш менен өтүп бараткан аялды караганыңды көрүп, көңүлүмдү кир басып, көкүрөгүм зилдейт. Анда конок бөлмөдөгү радионун жанында жашыл шляпачан турганың...

– Шляпа эсимде, – Майкл сөз кыстыра калды.

– Ошол көз караш көңүлүмдү ылайлантат, – деди Френсис.

– Чүшш, суранам, ардагым, чүшш...

– Эми ичиш керек окшойт, – деди Френсис.

Экөө ооз ачпастан Сегизинчи көчөдөгү барга жөнөштү, Майкл өзүнөн өзү аны таш жээктерден, көчөдөгү автоунаалардан өткөрүп коштоп барат. Бүчүлөнгөн пальточон Майкл барга жакындаган сайын жылтырата сүртүлгөн бут кийимин ой баскан калыбында карап баратты. Экөө күн шооланган терезенин жанынан орун алышты, мештен чартылдап күйүп жаткан отундун үнү угулат. Бекене бойлуу жапон официант келип, ортого претцелди коюп, жамажайы жайыла экөөнө жылмайып койду.

– Эмне буюртма бересиң? – деп Майкл сурады.

– Бренди ичсемби дегем, – деп жооп берди Френсис.

– “Курвуазье”, – деди Майкл официантка, – эки “курвуазье”.

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (302)
30 04 2024
kyrgyztili@mail.ru

# «ТОЛУБАЙДАЙ СЫНЧЫ БОЛ…»
# ЖУМАДЫЛ-САЯПКЕР

*Кезегинде ысымы көгүлтүр Көл өрөөнүнө гана эмес, республика, ал эмес, Союзга чейин кеңири таанымал болгон БАЯЧОРОВ Жумадыл-саяпкер тууралуу жазуу кыйладан бери көөдөндү эзип келаткандыктан, акыры чыгынып, калемди колго алдым…*



### МОСКВАДАГЫ МӨРӨЙ

…1958-жылы Москва шаарында Кыргыз ССРинин Адабият жана искусствосунун декадасы өтүп, ага улай, Союздун борборунда бардык республикалардын (15) өкүлдөрүнүн катышуусунда ат чабыш болгондугу маалым. Көпчүлүктүн бүйүрлөрүн кызыткан ошол чоң мөрөй-талашта «Аламан-байгеге» чабылганкөпкүлүктөрдүнүчинен Кыргызстандын «Карагер» аттуу күлүгү алдына ат салдырбай келген. Ошол күлүктүн саяпкери - Жумадыл Баячоров эле.

Мөрөй-талашта күлүгү намыска жарап, жеңишке жетип, кубанычы койнуна батпаган Жумадыл аксакал жана анын 11 жашар чабандес уулу Кайыпбектин жайнаган көздөрү, жаркырагаңжүздөрүошондотартылган «Кыргызстан ырдайт» аттуу документалдык кинотасмага да түшүп, өлкө тарыхында сакталып калган. «Манастагы» Каныкейдин Тайторуну чапканы сыяктуу кыргызстандык саяпкердин жеңиши ошол жылдагы республикалык «Ленинчил жаш» газетасында да кеңири чагылдырылган.

### КАТААЛ МЕЗГИЛДЕ ТАКШАЛГАН

Жумадылдын тагдыры өмүр бою Камбар-ата тукуму менен тыкыс байланыштуу болгон. Анын саяпкерлик ийгиликтери эл арасында аңыз-кепке айланып, атайын ат арытып, алыс-жакындан келип, өнөрүнө кызыгып, анын баалуу кеп-кеңештерин алгандар да көп болгон.

Жумадыл-саяпкер өткөн кылымдын башында төрөлүп, өтөлгөлүү өмүр сабагында 1916-жылдагы «Үркүндү», 1917-жылдагы Улуу Октябрь социалисттик революциясын, Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы кыйын кезеңдерди башынан кечирип, 1920-жылдары Бишкектеги зооветеринардык техникумда билим алган. Атайын орто билимдүү жаш адис иретинде ал өзү туулуп-өскөн азыркы Ак-Суу районундагы Зындан айылында жылкы чарбасын асыл-тукумдаштыруу багытында кыйла эмгек өтөгөн. Ал Улуу Ата-Мекендик согуштун катаал мезгилинин оор сынагынан да өтүп, өз максатына ишенимдүү кадамдарды таштаган.

### «КҮЛҮКТӨН – КҮЛҮК ЧЫКСА...»

Согуштун алгачкы жылдары Жумадыл эмгектенген жылкы фермасынан тандалган аттар кан майдандагы жоокерлерге жөнөтүлүп турган. Ал айыл активи иретинде согуштан кийин бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү, экономиканы чыңдоо иштерине да демилгелүү катышып, максаттуу кыйла иш-аракеттердин башатында болгон. Чарбалык иштер менен бирге эле ал өзү жаштайынан сүйгөн саяпкерлик өнөрүн да улантып, анын таптоосунан өткөн «Карагер», «Суркоен», «Көкмө-Көк», «Тигр», «Норт», «Смычок» сыяктуу күлүктөрү кезегинде райондук, облустук жана республикалык алкактардагы мелдештерде биринчиликти бербей келген.

Айылдык саяпкердин ийгиликтери тууралуу ошол жылдары облустук «Ысык-Көл правдасы», «Иссык-Кульская правда» жана республикалык «Советтик Кыргызстан» газеталарында бир катар материалдар жарыяланган. «Иссык-Кульская правда» газетасынын 1954-жылдын 12-ноябрындагы, «Ысык-Көл правдасы» газетасынын 1957-жылдын 12-майындагы өз беттерине мезгил тарыхын камтыган саргайынкы сандарындагы көлөмдүү материалдар – жогоруда айтылгандардын ачык күбөсү.

Жумадыл-саяпкер эмгектенген айылдагы чарба алгач Ново-Вознесеновка районундагы «Эл Коргоо» айыл чарба артели аталса, кийинчерээк ал Сталин атындагы колхоз болгон. Саяпкер таптаган күлүктөрдүн жеңиштери, өзүнүн эмгектик ийгиликтери республикалык «Советтик Кыргызстан» газетасынын 1958-жылдагы 25-27-майдагы, ошондой эле 24-октябрдагы сандарында кеңири баяндалган.



Саяпкердин «Карагер» күлүгү 1957-жылы Фрунзе шаарында өткөн Орто-Азия жана Казакстан республикаларынын улуттук ат-спорт оюндары боюнча спартакиадада да байгелүү I орунду ээлеп, республика намысын татыктуу коргогон.

Саяпкердин эмгеги кезегинде Өкмөт жана партия тарабынан жогору бааланып, ал СССРдин жана Кыргыз ССРинин Жогорку Советтеринин Президиумдарынын Ардак грамоталары, акчалай жана баалуу сыйлыктары менен бир нече ирет сыйланган.

### ӨМҮРЛӨШТӨР: ТАБЫШМАКТУУ ТАГДЫРЛАР

Жумадыл-саяпкер тууралуу сөз болгондо саяпкерди жакындан жакшы билген замандаштары аны Толубай-сынчыга теңешээр эле.

Саяпкердин күлүктү тандоо тууралуу: «Жылкы – адамга окшош жаныбар. Тубаса мүмкүнчүлүктөрү өзү менен кошо туулат. Саяпкер күлүктүн күлүк экендигин бир жашка чейин тандап, анын күлүктүк мүмкүнчүлүктөрүн ачыш үчүн адамды тарбиялагандай эле талыкпастан эмгектенүүсү зарыл…» - деген насаат-кептерин көпчүлүк азыр да аңыз кыла кеп кылышат.

Саяпкер өзүнүн айткандарын кандайча турмушка ашыргандыгы тууралуу анын балдары мындайча эскеришет: «Атабыз күлүктү кулун чагынан тандаар эле. Тандалган кулунга өзгөчө мамиле жасап, кунан кезинен ар кыл жарыштарга салып, таптаар эле. Күлүк жетилгенче аны жаш балдарга мингизип, анан суутчу. Ал чоңойгондо аны суутууну өзү гана аткарчу. Атабыз чымыр, өзүнө тыкан, арыкчырай келген, чыйрак киши эле. Ал алтымышка чыккан курагында да атка секирип минип, айыл үстүндөгү кыя жол менен тоонун жонун көздөй чаап бараткамда ал бизге тоо жакалай учкан алгыр куштай сезилээр эле. Атабыз арадан бир канча убакыт өткөндөн кийин үйгө келгенде аттын тери капталдарынан салаа-салаа болуп куюлаар эле. Атабыз аттан ыргып түшүп, атты бир азга ары-бери жетелеп, анан өзү атайын даярдап койгон чүпүрөктөрү менен аттын терин тез-тез аарчып, анан атты мамыга аса байлап коер эле. Ал атка жемчөп берүүнү өзүнүн гана милдети деп санаар эле…».

Жумадыл-саяпкер 1962-жылы катуу оорудан кийин каза болгон. Балдарынын айтымында, карыя буга чейин бир да жолу ден-соолугуна даттанган эмес. Оорудан улам бир айча төшөккө жатып калып, дарыгерлердин аракеттери эч натыйжа берген эмес. Ошондо ал балдарын жанына чакырып: «Балдарым, ынтымактуу болгула. Улууңар – кичүүңөргө тирек болуп, бири-бириңерге каралашкыла.» - деп, кенже кызы Батыйкүлдүн колунан өөп, акка моюн сунган.

…Үйгө кирип-чыгып жүргөн кошуна-колоңлор, алыскы-жакынкы туугандар ошондо короодо байланып турган «Карагердин» көздөрүнөн кадимкидей жаш таамп жатканына күбө болушкан. Андан да кызыгы – «Карагер» кадимкидей аза күтүп, бир топ күн акырга салынган жем-чөпкө тумшугун да тийгизбей, суу ичпей, этинен азый баштаган. Күлүктүн мындай абалын көргөн үйдөгүлөр аны эт алып, табына келсин деген максатта жайлоого жөнөтүшөт. Бирок, көп узабай эле «Карагер» жайлоодон кырсыктап, жарга урунуп өлгөндүгү тууралуу кабар келген…

### ӨКҮТТҮҮ ӨКСҮК

Эл арасында ысымы аңызга айланган Жумадыл-саяпкердин ысымы анын 100 жылдык маарекесинин урматына (2000-жылы) ал туулуп-өскөн Зындан айылындагы өзү жашаган көчөгө ыйгарылган. Ошол кездеги облус губернатору Тойчубек Касымовдун, район акими Калыбек Алышбаевдин, күйөө баласы, академик Алтай Бөрүбаевдин жана айылдыктар менен коомчулук өкүлдөрүнүн кеңири катышуусундагы ал иш-чарада жетекчилер анын ысымын облус борбору - Каракол шаарындагы атмайданга ыйгарууга убада беришти эле. Бирок, ошол убада ушул убакка чейин курулай сөз бойдон калып келе жаткандыгы жан кейитет. Балким, бул маселени азыр облусту жана облус борборун жетектегендер, облус борборунун депутаттары эске алышаар…

**Эгемберди САДАБАЕВ,**
**Ак-Суу райондук «Ак-Суу баяны» газетасынын редактору,**
**Ысык-Көл облусу**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫКА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (302)
30 04 2024
kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (302)

30 04 2024

kyrgyztili@mail.ru

# Сөздүн мааниси



Элмира АЖЫКАНОВА



**Керимсел** – ысык жел.

**Илээнди** – жүдөө, шалаакы, тыкан эмес.

**Кагелес** – арыкчырай, ашыкча эти жок.

**Жуурат** – кой сүтүнөн уютулган айран.

**Боткок** – гулдун ачылайын деп калган тоголок кези.

**Кашак** - сокур.

**Бакыр** – кедей, жарды.

**Айырмач** – балдарга арналып жасалган ээр.

**Тулуп** – териден жасалган баштык.

**Төрткүл** – кыйраган, бузулган эски жай, бузулган топурак дубалдын эски нугу.

**Тегирчик** - кичинекей арабанын дөңгөлөгү (кичинекей дөңгөлөк).

**Мискин** – бей-бечара, байкуш, тентиген, үй-жайсыз адам.

**Копол** – олдоксон, эби жок, сылык мамилени, жымсалдап айтканды билбеген

**Көбүргөн** – жапайы пияз, тоо пиязынын бир түрү.

**Кыйкым** – кесинди, өөн (кездеменин, кагаздын, булгаарынын)

**Маймак** – төөнүн бутунан баса албай калган оорусу.

**Мая** – эгинди жыйнагандан кийин анын сабагынын аңызда калган бөлүгү.

**Соогат** – олжодон, кирешеден бөлүнүп берилуучу үлүш, энчи.

**Чолпу** – келиндер чачка тагуучу, бири бирине тизилген тегерек тыйын сыяктуу күмүштөн коозодолуп жасалган жасалга.

**Аса карыбайт** - Өлгөн адамга асалап барган эч качан кеч эмес. Өлгөн адамдын үй булөсүнө көңүл айтып, көз көрсөтүү эскирбейт. Кеч болсо да барып көңүл жубатууга болот деген мааниде.

**Багалчак** - Туяк менен кызыл ашыктын арасы же согончок менен кызыл ашыктын арасы.

**Боз бала** - Ар нерсенин жөн-жайын анча түшүнө элек, чоңоюп бой тартып келаткан, жигиттик куракка анча жете элек жаш бала.

**Ийри тумшук** – пайдага, олжого жакын, тамак-аштын устүнөн чыгуучу адам.

**Казанбак** – көчкөндө сындырбай, көөсүн жугузбай алып жүрүү үчүн чырпыктан согулуп, казанды сыртынан кептеп коймо кабы.

**Супсун** – кирдин суусу.

**Торко** – жибек кездеменин бир түрү.

**Мунарык** - айлана ачык болбой боз тартып мунар басып, бозоруп турган абал.

**Закым** – Алыстан көрүнгөн абанын толкуну, агымы.

**Кымыран** - суу көбүрөөк кошулуп бышырылган сүт (Көк суу деп да айтышат).

**Чамынды** - жыгачты кескенде, чапканда же жонгондо түшкөн майда бөлүкчөлөр.

**Боконо** – кыска кабырга, сүбөө.

## Катасыз жазалы!

ТАБААР, БАРААР, ЧЕЧЭЭР, КЕЛЭЭР, АЙТААР, ЖҮРӨӨР, АЧААР, УГААР, ИЧЭЭР деп жазганыбыз ката! Бул сөздөр созулма үндүү менен жазылбайт.

**Туурасы:** ТАБАР, БАРАР, ЧЕЧЕР, КЕЛЕР, АЙТАР, ЖҮРӨР, АЧАР, УГАР, ИЧЕР.

Ооба, айтылганда созулуңку айтылат, жазылганда бир гана үндүү менен жазылат.

**Эрежеси:** Үнсүз тыбыш менен аяктаган этиш сөздөргө -ар мүчөсү уланганда созулуңку айтылат, бирок созулма үндүү менен жазылбайт.

**Дагы бир жагдай:** Эгерде этиш сөз үндүү тыбыш менен аяктаса созулуп айтылат жана эки үндүү жазылат. Мисалы: БАШТА+АР= БАШТААР, ЖАСА+АР= ЖАСААР, КАРА+АР= КАРААР, ОЙЛО+АР= ОЙЛООР ж.б.

Кыскасы, этиш сөз үнсүз менен аяктап –ар мучөсү уланса бир эле үндүү жазылат. Үндүү менен аяктаган этишке –ар мүчөсү уланса эки үндүү (созулма) жазылат.

**Эскертүү:** И, Ы тыбыштары менен аяктаган этиш сөзгө - ар мүчөсү уланса созулуп айтылат, бирок эки үндүү катар жазылбайт. Мисалы; ЧИРИ+АР= ЧИРИР, ЖИБИ+АР= ЖИБИР, ЫСЫ+АР=ЫСЫР, БАЙЫ+АР= БАЙЫР ж.б.

## Кыргыздын чен өлчөмдөрү:

**Узундукка карата:** бир укум, эки ээли, төрт ээли, бир сөөм, бир карыш, кере карыш, бир кулач, кере кулач, бута атым, чакырым, тай чабым, ат чабым ж.б.

**Бийиктикке карата:** Кызыл ашыктан, тушардан, тизеден, белден, киши бою, кереге бою, укурук бою, аркан бою ж.б.

**Убакытка карата:** - Таң куланөөк, таң супа салганда, таң ата, үрүл-бүрүл, таң азанда, күн кылтыйганда, күн чыкканда, күн көтөрүлгөндө, шашке, улуу шашке, жалган түш, чак түш,түш оогондо, бешим, кеч бешим, дигер, күн батар, намаз шам, кеч күүгүм, каш карайганда, куптан, эл орунга олтурганда ж. б.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779,34 СОМ

Кыргыз тили
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы

**Редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:**
Жазгүл ЖОЛДОШБЕКОВА
0(706) 12 61 39

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары, Айтматов көчөсү, 1/1
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24
**Буюртма:** 197
**Нускасы:** 3 140